# МУНИЦИПАЛИТЕТ

Илимий-популярдуу журнал. № 8 (21) чыгарылышы. Август 2013-ж.

*Муниципалитет - бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги*

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
**Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)**

Башкы редактор,
ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
почта – 720021, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44,
Өнүктүрүү саясат институту,
«Муниципалитет»
журналынын редакциясы;
**электрондук – office@dpi.kg**
**nadya.dobretsova@gmail.com**

**Телефондор:** (0312) 97-65-30
(31, 32, 33, 34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда
Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернет-тен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.
ISBN 1694-7053

## Көңүл чордонунда

Бийлик вертикалы – бул Конституция, акча жана өкмөттүн аброю түшүп кетчү чуңкур ..... 2

## ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун жаңылыктары

Швейцариянын элчилиги Кыргызстандагы төрт элеттик муниципалитетке таштанды тазалоо үчүн техника сатып алууга жардам берди ..... 6

Швейцария өкмөтүнүн өкүлү менен жолугушуу: көйгөйлөр, жетишкендиктер жана келечекти талкуулоо ..... 7

Жакшы тажрыйба даанышмандыктан да маанилүү: Жалал-Абад облусунун айыл аймактарынын ортосунда тажрыйба алмашуу ..... 7

Тоң айылдык аймагы алгачкы жолу бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрдү ..... 11

Багыш айылдык аймагы калк менен 2014-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун талкуулады ..... 11

Тогуз-Торо айылдык аймагынын тургундары 2014-жылга карата бюджет долбоорун жактырды ..... 12

Тогуз-Торо районунда райондук интернет-порталды түзүү боюнча процесс башталды ..... 12

## Инвестор&Жамаат

Сүлүктүнүн өнүгүүсү үчүн: муниципалитет менен жергиликтүү кен казуучу компаниялардын диалогу ..... 13

Өнөктөштүктүн жана үмүттүн жолу ..... 14

## ЖӨБ кадрлары

Аттестацияга даярдык ..... 16

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө тест суроолорун түзүү үчүн ченемдик укуктук актылардын алдын ала тизмеси ..... 16

Компьютердик тестирлөөнү түзүүдө колдонулчу болжолдуу суроолордун тизмеси ..... 17

Мен - жергиликтүү кеңештин депутатымын. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын 150 суроосуна жөнөкөй жооптордун жыйнагы 27

## Жаңжалды башкаруу

Жаңжалды оптималдуу башкаруунун баскычтары жана ырааттуулугу ..... 29

Тест. Эмгек жамаатында жаңжалдарды алдын алуу жана конструктивдүү түрдө жөнгө салуу боюнча жетекчинин ишке жакындыгын баалоо ..... 31

# БИЙЛИК ВЕРТИКАЛЫ – булл Конституция, акча жана өкмөттүн аброю түшүп кетчү чуңкур

***Парламент эмгек өргүүсүнө тараар алдында өкмөт Жогорку Кеңешке башкаруунун аймактык органдары арасындагы ыйгарым укуктарды олуттуу түрдө кайра бөлүштүрүүнү караштырган мыйзам долбоорун киргизүү менен өлкөдөгү башкаруу системасын өзгөртүүгө аракет жасады. Парламенттин эки профилдик комитети – бюджеттик жана конституциялык – долбоорду чийки жана Конституция менен бюджеттик система жагынан алып караганда көптөгөн талаштуу нормаларды камтыйт деген негиз менен четке какты. Июлда мыйзам долбооруна карата регионалдык активден колдоо алуу максатында өкмөттүк десант өлкөнүн бардык райондоруна жөнөп кетти. Өкмөт сентябрда бул мыйзам долбоорун кайрадан парламентке жиберүүнү пландоодо. Бирок бул жолу аймактагы башкаруучулардын макулдугуна ээ болуп, "тапталган" түрдө сунуштаганы турат. Ал эми премьер-министр мындайча айтканда бийлик вертикалын ушинтип күчтөндүрүү зарылчылыгын ийне-жибине чейин түшүндүрүп, маалымат каражаттарына маек курууда. Мындай кеңири маалыматтык өнөктүк коомчулукту өкмөттүн демилгеси өз учурунда көтөрүлгөнүнө, зарыл болгонуна жана концепциясы анык экенине ынандырыш керек болчу. Бирок чуулгандуу "бийлик вертикалы" эксперттик жамаатты тынчсыздандырууда. Алар аймактарды башкарууда тартиптин зарылдыгын мойнуна алганы менен, ошол эле учурда өкмөт сунуштаган ыкмалар алар күткөн натыйжага алып келерине олуттуу түрдө күмөн санашат. Атүгүл эксперттер өкмөт ойлоп тапкан реформа өлкөдөгү кырдаалды туруксуздандырышы ыктымал деп кооптонушууда.***

## Райондук деңгээлде башкарууда өкмөттө чындап эле көйгөйлөр көп

Өкмөттүн аймактык башкарууну тартипке келтирүү ниети түшүнүктүү жана өзүн актайт. Бир дагы мамлекеттик программа соңку керектөөчү – жаранга жетпей жатат, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жана жеткиликтүүлүгү дээрлик жакшырбай жатат, аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсү, жумшак айтканда, артта калууда. Бишкекте жаралган бардык гениалдуу идеялар аймактык деңгээлде чыныгы индикаторго айлана албай, Бишкекте эле жок болууда. Ведомстволордун аймактык бөлүмдөрү өзү менен өзү алек: өз иштерин координациялабайт, алардын жарандарга таасирин чындап чагылдырган көрсөткүчтөргө ээ эмес. Натыйжада адамдар алардын жашоосун жакшы жагына өзгөргөнүн сезбегендиктен бийликке ишеними да жоголууда.

Аймактык башкаруу "сыркоолоп" калганын түшүнүү өкмөттү бул көйгөйдү изилдеп чыгууга түрттү, сунуштарды иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтор түзүлдү, түрдүү пикирлерге орун берилди, "айыктыруу" үчүн адекваттуу ыкмалар боюнча сунуштар иштелип чыкты. Өнүктүрүү саясат институту да өз сунуштарын жана сунуштамаларын берди.

Райондук деңгээлде башкарууну жакшыртуунун көптөгөн жолдору бар. Бирок бул үчүн өкмөттүн ичинде, министрликтер менен алардын аймактык бөлүмдөрү ортосундагы өз ара мамилелерди кайра куруп чыгуу жаатында эбегейсиз чоң, көп күчтү алган эмгек талап кылынат. Мисалы, Айыл чарба министрлигинин райондук структуралары акимиаттардын бир бөлүмү боло алмак жана мындай кубулуш жергиликтүү мамлекеттик администрацияларды күчтөндүрмөк. Ошондой эле акимдерге ведомстволордун башка аймактык бөлүмдөрүн координациялоо боюнча көбүрөөк ыйгарым укуктарды сөзсүз бериш керек.

Акчага кайрыла турган болсок, жумушчу топ алардын райондук деңгээлде зарылчылыгын биринчи кезекте негиздеп берди. Кеп райондук бюджеттин, же акимдердин ушул өңдүү каржылык мүмкүнчүлүктөрүнүн бар-жогунда эмес, акча айкын тапшырмаларды аткаруу үчүн берилиши керектигинде болуп жатат. Жумушчу топ төмөнкү тапшырмаларды аткаруу үчүн акимге чындап эле каражат керектигин аныктап чыкты: 1) райондо пайда болгон күтүүсүз кырдаалга өз маалында жооп кайтаруу; 2) райондук деңгээлде өзүнүн социалдык саясатын иштеп чыгуу жана аткаруу; 3) социалдык инфраструктураны кошо каржылоого каражат менен жергиликтүү, өзгөчө дотациядагы жамааттардын керектөөлөрүн камсыздоо.

Мындай мамиле акимге акчанын зарылдыгы тууралуу сөз козгоого жол ачат. Бирок бул нерсе бюджеттик системаны "сындыруу" керек дегенди түшүндүрбөйт. Жумушчу топ ошол маселелерди, анын ичинде төмөнкүлөрдү да чечүү үчүн каржылоонун булактары боюнча айкын сунуштарды берди: 1) ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттын демилгелерин колдоого дем берүүчү гранттардын

өлчөмү; 2) социалдык инфраструктурага кам көрүү үчүн пайдалуу кендерди иштетүүдөн түшкөн чегерүүлөрдөн каражаттар; 3) жалпы мамлекеттик салыктар боюнча көрсөткүчтөрдү ашыкча аткаруудан улам пайда болгон каражаттар. Аким жогоруда айтылган тапшырмаларды аткаруусу үчүн мына ушулар жетиштүү болмок.

Бирок өкмөт башка жолду тандап алып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен акимдердин ыйгарым укуктарын күчөтүүнү чечип, көңүлүн жергиликтүү өз алдынча башкарууга бурду. Өкмөт мындай мамиле аймактарды мамлекеттик башкарууда башаламандык көйгөйүн чечет деп байоолук менен ишенип турат. Эмне үчүн? Жоопту премьер-министр гана билет, бирок министрликтердин ыйгарым укуктарын териштирүү – өтө чоң чыңалууну жана бир кыйла узак мөөнөттү талап кылган, түйшүгү көп, саясий жактан тобокелчиликтүү, техникалык жактан татаал иш деп божомолдосо болот. Ар бир министр кандайдыр бир саясий колдоо тобуна ээ, анын ичинде аны көрсөткөн саясий партиядан да бул колдоону алат жана өкмөт үчүн министрликтин ыйгарым укуктарын кайра карап чыгуу түрдүү саясий күчтөр менен татаал, нервди алган сүйлөшүүлөрдү баштап, өтө чоң көлөмдөгү техникалык ишти аткаруу керек дегенди түшүндүрөт. Ага караганда саясий добушка ээ болбогон, өзүн коргой албаган жергиликтүү өз алдынча башкаруудан ыйгарым укуктарды жана ресурстарды тартып алуу жеңил жана анчалык кооптуу эмес. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен эч кандай сүйлөшүүлөр да талап кылынбайт, чечтиң – жасадың, ал эми алар аны аткарууга мажбур. Дагы бир жолу кайталайбыз, бул болгону божомол. Анткен менен эмне үчүн өкмөт реформанын татаал, бирок сабаттуу жана натыйжалуу жолун четке какканынын башка ачык жана так түшүндүрмөсү ойго келбей турат.

## Жергиликтүү жамааттан ресурстарды алып коюу – элдин акыйкаттыкка ишенимин жокко чыгаруу жана коррупция үчүн шарт түзүү

Өкмөттүн сунуштарынын тизмеси ондон ашык пункттарды камтыйт. Алар бардык жергиликтүү ресурстарды башкарууну акимдердин колуна топтоп берүүгө жана ашкере ыйгарым укуктарды берүүгө багытталган. Биздин баамыбызда, бул болсо өлкөнү көзөмөлдөн чыккан коррупцияга дуушар кылышы мүмкүн, ошондой эле мамлекеттик башкаруу системасына азыркыдан да чоң теңсиздикти алып келиши ыктымал. Сөз жерлерди, жайыттарды жана акчаны башкаруу тууралуу жүрүп жатат. Өкмөт бул ресурстарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ордуна жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы – аким өзү башкаруусун каалап турат.

Жайыттарды эми гана тең салмактуу абалга алып келе баштаган, аларды башкаруу ишин айкын жана адилеттүү кылган башкаруу системасы – жайыт комитеттеринин жана жайыт билеттердин ордуна башкарууну районго дээрлик чексиз бийликке ээ болчу бир адамдын колуна өткөрүп берүү сунушталып жатат. Башкача айтканда, мындан ары чабандар мал жаюу маселесин кеңешип чечпестен, баары райондук акимдин алдына тизе бүгүп баруусуга, аны ынандырууга мажбур болушат.

Андан ары айылдык аймактар ортосунда теңдештирүүчү гранттарды бөлүштүрүү ишин райондук деңгээлге өткөрүп берүү сунушталып жатат. Бүгүнкү күндө жергиликтүү бюджеттердин арасында бул гранттарды республикалык бюджет жөнүндө мыйзам бөлүштүрүп келатат. Сунушталып жаткан өзгөрүүлөр жергиликтүү деңгээлде коррупцияны күчөтөт. Анткени бардык бюджеттик маселелер боюнча айыл өкмөт башчысы акимге же райондук каржы башкармалыгына барат – макулдашуу үчүн. Мындан тышкары айылдык аймактардын кирешесинин канча үлүшүн райондук бийликтин карамагына өткөрүп берүү керек деген маселени чечүү укугу Жогорку Кеңешке эмес, өкмөткө өткөрүлүп жатат. Мында дагы ушул кезге чейин бул үлүш көрсөтүлүп келген республикалык бюджет жөнүндө мыйзамды өзгөрткөнгө караганда өкмөт менен макулдашуу жеңил.

Өз маегинде премьер-министр Каржы министрлигин айыл өкмөтүн монополиялык түрдө башкарып калды деп айыптады. Бул өтө таң калдырат. Анткени теңдештирүүчү гранттын көлөмү формула боюнча эсептелинет жана республикалык бюджет жөнүндөгү жылдык мыйзамда көрсөтүлөт. Ал эми ушул формуланын аксап жатканы – бул башка маселе. Бирок бул нерсе формуланы оңдогондун ордуна жаңы коррупциялык схеманы түзүү керек дегенди БИЛДИРБЕЙТ. Жалпысынан ушундай мамиле мындайча элес берүүдө: Каржы министрлигинин эсептик иштеги мүмкүнчүлүгүнө нааразы болгон өкмөт акыйкаттык, математикалык тактык жана ниетинин берметтей актыгы үчүн жоопкерчиликти 40 райондук акимге жүктөгөнү турат. Биздин өлкөдөгү башкаруу салтын эсепке ала турган болсок, бул – өтө кайраттуу чечим. Бирок ал жүйөлүүбү? Акчаны башкарууда мыйзамда көрсөтүлгөн математикалык ыкмалардын ордуна адам факторун тандап алууну өкмөт кантип негиздеп бере алат?

Мунун бардыгы ансыз да жакыр жергиликтүү бюджеттердин канын соруп, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнүн жана сапатынын деңгээли ого бетер түшүп, коррупциянын деңгээли кескин жогорулайт. Өкмөттүн суу түтүктөрүнө, чатырга, ФАПтарга жана башкаларга байланыштуу жарандардан даттануулары албай калуу үмүтү ого бетер начарлаган жашоо шартына карата арыздарга көмүлүп калат.

Райондук кеңештерди жана райондук бюджеттерди кайра жандандыруу, ошондой эле акимдерге жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине кийлигишүү укугун берүү – башкаруу системасынын конституциялык негиздерин жокко чыгаруу.

Өкмөт райондук кеңештерди жана райондук бюджеттерди кайра калыбына келтирүүнү сунуштап жатат. Бирок биздин өлкөнүн Конституциясында райондук кеңеш өңдүү бийликтин институту жана райондук

өңдүү бюджеттин түрү каралган эмес.

Өкмөттүн дагы бир сунушу юристтердин айласын кетирүүдө. Сөз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдери мыйзамдарды бузган учурда акимдерге ошол чечимди жокко чыгаруу укугун берүү тууралуу болуп жатат. Маселенин мындай өңүттө каралышы Конституцияга карама-каршы келүүдө. Анткени өлкөнүн негизги мыйзамында атайын орган – прокуратура каралган. Ал бийликтин аткаруу органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызматтык адамдары мыйзамдарды так жана бир түрдүү аткаруусуна көз салып турат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын актылары мыйзамга каршы келген учурларда прокуратура органдары белгиленген тартипте прокурордук эскертүү тууралуу тиешелүү актыларды киргизүүгө милдеттүү. Ал эми Конституция боюнча чечимдерди жокко чыгаруу укугу жогору турган органдарга жана сотко тиешелүү. Айыл өкмөтү үчүн жогору турган орган райондук аким эмес, жергиликтүү кеңеш эсептелинет. Конституцияда жогоруда айтылган нормаларды өзгөртмөйүнчө эч ким, анын ичинде өкмөт да өзү каалагандай эле акимдерге прокуратура органдарынын конституциялык ыйгарым укуктарын ыйгарып, муну менен иш жүзүндө өлкөдө мыйзамдуулуктун сакталышына көз сала турган дагы бир көзөмөл органын түзө албайт.

Өкмөттүн мындай демилгеси өз каалоосун өлкөнүн негизги мыйзамынан жогору коюп, Конституцияга такыр дал келбеген прецендентти жаратышы мүмкүн.

## Сандар да алдай алат

Өкмөт айыл өкмөтүнүн сабатсыздыгы жана коррупцияга батканы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун саясий, административдик жана каржылык мүмкүнчүлүктөрүн азайтууга негиз болуп бергенин ырастоодо. Өз маегинде премьер-министр 2012-жылдагы текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча статистиканы келтирди. Өкмөт башчынын маалыматына ылайык, 2012-жылы бийлик органдарынын өкүлдөрүнө карата 170 кылмыш иши козголгон, алардын ичинен 124ү – айыл өкмөт башчыларына, алтоо – муниципалитеттерге каршы (баса, айыл өкмөтү муниципалитеттердин катарына кошулбаганы кызык, балким бул жерде шаар жөнүндө сөз болуп жатышы ыктымал). Башка булактар болсо айыл өкмөтүндө 253 коррупциялык кылмыш аныкталганын билдиришти (айрымдары боюнча кылмыш иши козголбогон өңдүү). Бир караганда мэрия жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар салыштырмалуу тазараак чыкты, ал жактарда 121 ушул өңдүү кылмыш аныкталган. Статистика таасирлендирет жана айыл өкмөтүндөгү паракорлорго элдин нааразылыгы акыйкат болмок. Эгерде “бирок” деген болбосо... Эгерде кылмыштардын санын ошол кылмыш жасалган органдардын санына бөлсөк, таптакыр башка көрүнүш келип чыгат.

Эмесе, 459 айыл өкмөтүнө 253 кылмыш, же бир жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына 0,6 кылмыш туура келет. 71 акимиатка жана мэрияга 121 кылмыш, же бир башкаруу органына дээрлик эки эсе (1,7) көп кылмыш туура келет. Мамлекеттик каттоо кызматынын 60 бөлүмүнө (болжол менен) бир органга 0,8 кылмыш туура келет. Ошентип коррупциялык кылмыштар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына караганда көбүрөөк жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда жана башка мамлекеттик органдарда жасалып жатат!

Ушул маалыматтарды акыйкат карай турган болсок, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары – бул башкаруу системасынын эң коррупцияланбаган бөлүгү деген тыянакка келсек болот! Бул түшүнүктүү – жергиликтүү бюджетте уурдаганга дээрлик эч нерсе жок!

Башкаруу органдарынын типтери боюнча тилкеде кылмыштардын санынын ордуна курган цифраларды берүү – өкмөт башчынын ойлонуштурулбаган кадамы, ал өтө эле көз боёмочулукка коошуп кетүүдө. Бул кытайлар жапондорго караганда бакубаттуу жашайт, анткени Кытайдын ИДПсы жалпы өлчөмдө Жапонияныкына салыштырмалуу жогору деп айтууга барабар. Бүткүл дүйнө ИДПны калктын киши башы менен өлчөгөн сыяктуу эле кылмыштарды да жалпылаштырбастан, бир органга өлчөш керек.

Мындан тышкары Улуттук статистика комитети тарабынан эсептелип чыккан, жакында эле

***Башкаруунун түрдүү органдарына болгон жарандардын жеке ишениминин рейтинги***



жарыяланган башкаруу органдарына жарандардын ишеним рейтинги жарандар дал ушул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көбүрөөк ишене турганын ырастоодо. ЖӨБ органдарына ишеним рейтинги дээрлик 17 пунктту түзөт. Ошол эле маалда жарандардын башкаруу системасына жеке ишениминин жалпы деңгээли жалпысынан минус 3,5 пунктту түзгөн!

## Бүт дүйнө башкаруунун горизанталы тууралуу көптөн бери айтып келатса, биз командалык-административдик вертикалды кургубуз келип жатабы?

Кыргыз мамлекети өз моделин ага ыңгайлаштырып куруп жаткан жана мамлекеттин ролун жарандарга кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчү катары түшүнүүгө негизделген жаңы мамлекеттик башкаруунун Концепциясы негизинен башкаруу органдары ортосундагы горизонталдык байланышты караштырат. Кызмат көрсөтүү боюнча ыйгарым укуктар жана милдеттемелер мыйзамдарды башкаруунун даражалары арасында жакшы бөлүштүрүлгөн деген шартта “вертикалга” эч кандай зарылчылык жаралбайт. Вертикаль – бул өткөн чак, диктатуранын жана пландуу экономиканын шарттарында гана натыйжасын берген командалык-административдик системанын негизи, түркүгү, идеологиясы. Андыктан биз өкмөткө Кыргыз Республикасынын чөйрөсү, коому жана экономикалык системасы мурда эле өзгөргөнүн, бардык ресурстар жана бийлик укуктары армиядагыдай жогорудан төмөн карай бөлүштүрүлгөн командалык-административдик вертикалды четке какканын эскертүүгө мажбурбуз.

Бүгүнкү күндө башкаруунун аймактык деңгээлдеринен белгилүү бир административдик эркиндикти, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк, муниципалдар аралык өнөктөштүк, социалдык буйрутма жана башка чыгармачыл мамилени колдонуу мүмкүнчүлүгүн талап кылган таптакыр башка ыкмалар актуалдуу. Бул ыкмалар – Кыргызстандагы башкаруу аппараты үчүн жаңылык, алар даанышмандыкты, кайраттуулукту, жоопкерчиликти жана чынчылдыкты талап кылат. Аларды натыйжалуу пайдалануу үчүн мына ушул нерселер жетишпей турат. Азыркы абалында өкмөт үчүн жеңил жол – жакшы тааныш болгон, мурда пайдаланылган буйрук берген вертикалды архивден алып чыгуу. Бирок азыркы шарттарда өзү жабыр тартпастан өкмөт аны колдоно албайт. Анткени өкмөттүн сунуштары башкаруунун аймактык деңгээлин тартипке келтирүү жана мамлекеттик программаларды натыйжалуу ишке ашыруу өңдүү ак ниет максаттарга жеткирбейт. Кырдаал ого бетер татаалдашат. Анткени райондук деңгээлде коррупциялык чуңкурга жол ачылганын көрөбүз, ал чуңкурга чоң ылдамдык менен бюджеттик акчанын жаңы миллиарддары жөнөйт жана кумга суу куйгандай жок болот. Ал эми жерлерди жана жайыттарды башкара албай калган калк өз наразылыгын өкмөткө билдирет. Өкмөт өзүнө өзү чуңкур казып жатат.



**Плакаттын автору - Ксения БАЛАЯН, «Тың жашоо: ушул тапта, ушул жерде» сүрөттөр жана плакаттар сынагынын катышуучусу, БУУӨП, ӨСИ, КСФ, 2012**

Кузүндө өкмөт жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу укугун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын калктын жашоо шартын жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн олуттуу чектеген өзүнүн сунуштарын кайрадан Жогорку Кеңештин кароосуна жиберүүнү пландоодо. Ошол кезге чейин коом жана парламенттин депутаттары, айткан жерден алыс, жаңылып калбаш үчүн кырдаалды жакшылап байкаштырып, тең салмактуу маалыматтарды алыш керек. Анткени бул ката Кыргызстан үчүн кымбатка туруп калышы ыктымал. Кырдаал төмөнкү сценарий менен өнүгүшү ыктымал – өзүнүн конституциялык укуктары чектелген шарттарда өзгөчө элет жериндеги калк 2010-жылкы үлгүдөгү саясий күрөш ыкмаларына кайрадан кайтып келиши мүмкүн.

***Надежда ДОБРЕЦОВА,***
Өнүктүрүү саясат институту

# "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" (ЭҮЖӨБОЖ) долбоорунун жаңылыктары

## Швейцариянын элчилиги Кыргызстандагы төрт элеттик муниципалитетке таштанды тазалоо үчүн техника сатып алууга жардам берди

2013-жылдын 24-июлунда Бишкекте 4 миллион сомдон ашык суммага атайын техниканы сатып алуу үчүн сертификаттар Жалал-Абад облусунун Көк-Таш, Сумсар жана Сакалды айылдык аймактарынын жана Ысык-Көл облусунун Улахол айылдык аймагынын өкүлдөрүнө салтанаттуу түрдө тапшырылды.

Бул аймактардын тургундары таштанды чыгаруу маселеси алардын айылындагы эң маанилүү көйгөй экенин аныкташкан. Кичи гранттар программасынын сынагында жеңип чыккан ЖӨБ органдары жалпы наркы 7 млн. сомдон ашык каражатка техника сатып алды, алардын 4 млн. сомдон ашыгы – гранттык жардам, ал эми калган 3 млн. сому – айылдык аймактардын жергиликтүү бюджеттеринин жана демөөрчүлөрдүн каражаттары.

Гранттык жардам Швейцария Өкмөтүнүн каржылык колдоосу алдында Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып келаткан "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун алкагында көрсөтүлдү.

"Биз Кыргызстандын элеттик муниципалитеттерине жашоонун сапатын жакшыртууга жардам берип келатабыз жана конструктивдүү диалог менен жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу – бул Кыргызстандын аймактарын өнүктүрүү үчүн маанилүү ресурс болгонуна ишенебиз, - деп эсептейт Швейцария Башкармалыгынын Борбор Азиядагы Өнүктүрүү жана Кызматташуу боюнча Программалык менеджери Томас ВАЛЬДЕР мырза. – Гранттар – бул максаттын максаты эмес. Бирок алар муниципалитеттер үчүн кошумча дем катары да, алынган билимди иш жүзүндө колдонуу үчүн аспап катары да каралат. Биз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калктын кызыкчылыгы үчүн натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү болгонуна ишенебиз".


"Таштанды чыгаруу көйгөйү Кыргызстандагы айылдар үчүн өтө актуалдуу, анткени Советтер Союзунан бери мындай кызмат көрсөтүү болгон эмес, - дейт долбоордун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ. Жергиликтүү жамааттарга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атынан жардам көрсөтүлөт жана бул – техника максатка ылайык колдонула тургандыгынын кепилдиги".

Салтанаттуу аземге "Казахмыс Голд Кыргызстан" компаниясынын башкы директору Ильяс ТУЛЕКЕЕВ да катышты: "Компания узак мезгилден бери Көк-Таш айылдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү жамааты менен кызматташып келатат. Ошондуктан биз аймактын гранттык сынактагы жеңишине колдообузду көрсөтүүнү чечип, тракторду иш жүзүндө экскаваторго айланткыдай кошумча аспаптар менен күчтөндүрүү үчүн кошумча каражат бөлдүк. Бул техника муниципалитеттин көп көйгөйлөрүн чечүүгө жардам берет деп үмтөтөбүз".

2012-жылы таштанды тазалоочу атайын техника Чүй, Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын үч айылдык аймагына бөлүнгөн. Бул аймактарда ушул тапта таштанды чыгаруу маселеси ийгиликтүү түрдө чечилип жатат.



# Швейцария өкмөтүнүн өкүлү менен жолугушуу: көйгөйлөр, жетишкендиктер жана келечекти талкуулоо



2013-жылдын 24-июлунда Бишкекте Өнүктүрүү саясат институтунун жетекчилиги Швейцария Башкармалыгынын Борбор Азиядагы Өнүктүрүү жана Кызматташуу боюнча Программалык менеджери Томас ВАЛЬДЕР менен жолугушту.

Жолугушууга ошондой эле Саламаттык сактоо жана мамлекеттик сектордун программаларынын улук улуттук координатору Эльвира МУРАТАЛИЕВА жана Жергиликтүү өнүгүү программаларынын улуттук координатору Жыпаргүл ШАБДАНКУЛОВА катышты.

Жолугушуунун жүрүшүндө долбоордун жетекчисинин орун басары Сабина ГРАДВАЛЬ катышуучуларга жолугушуунун максаттары жана тапшырмалары, көйгөйлөрү менен жетишкендиктери, ошондой эле "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" (ЭҮЖӨБОЖ) долбоорун жайылтуу боюнча мындан аркы пландары тууралуу маалымат берди.

Өз кезегинде Томас ВАЛЬДЕР долбоордун ийгиликтерин белгилеп, анын алкагында жасалган иштер үчүн ыраазычылыгын билдирди: "Биз силердин аракеттерди жана жетишкендиктерди көрүп турабыз, сиздин өлкөнүн өнүгүүсүнө долбоордун кошкон салымын баалайбыз".

# ЖАКШЫ ТАЖРЫЙБА ДААНЫШМАНДЫКТАН ДА МААНИЛҮҮ: Жалал-Абад облусунун айылдык аймактарынын ортосунда тажрыйба алмашуу иш-чарасы



2013-жылдын 14-июлунан 17-июлуна чейин ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун алкагында "Жалал-Абад облусундагы айылдык аймактарда жарандарды бюджеттик процесске жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу практикасы" темасы боюнча муниципалитеттердин тажрыйба алмашуу сапары болду. Жалал-Абад облусундагы 25 айылдык аймактын башчылары жана адистери өз кесиптештеринин жетишкендиктерине, кызыктуу билим жана тажрыйба менен практика жүзүндө алмашууга, жергиликтүү маанидеги иштерди натыйжалуу башкаруу маселелерин пайдалуу жана конструктивдүү талкуулоого күбө болушту. Тажрыйба алмашууга Жалал-Абад облусунун ММК өкүлдөрү жана ЖӨБЭММАнын облустагы өкүлү да катышты.

Тажрыйба алмашуу АА жетекчилерин элеттик жамааттардын жашоо тиричилигиндеги түрдүү багыттарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун натыйжалуу иштеп кетишине жана жергиликтүү бюджеттерди түзүп, бюджеттик маалыматтарды ачыктоо аркылуу калкты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү ишине тартууга иш жүзүндө үйрөтүү максатында өткөрүлдү.

## ЛЕНИН АА:
## бюджет тууралуу маалыматты кантип ачыктап, таштанды тазалоо боюнча кызматты кантип уюштуруу керек?

Тажрыйба алмашуу сапарынын биринчи күнүндө анын катышуучулары 2011-жылдан тарта ЭҮЖӨБОЖ долбоору менен тыгыз кызматташуунун негизги баскычынан өткөн жана бюджеттик процесстин ачыктыгы жана айкындуулугу аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө оң натыйжага жетишкен Ленин АА (Сузак району) болушту. Эки иш-чара Ленин АА ишинин көзгө басарлык үлгүсү болуп калды – 2014-жылга карата бюджеттин долбоору боюнча коомдук угуулар жана ТКЧ ишмердигинин натыйжаларын талкуулоо.

Ленин айылдык аймагын угууларды сабаттуу түрдө уюштурулган маалыматтык өнөктүктөн жана жамааттын жакшы даярдыгынан улам үлгү көрсөтөрлүк деп атаса болот. Өзгөчө катышуучуларды “көздү оюп көрсөткөн” суроолорду гана узатпастан, муниципалдык каржыны башкарууну жакшыртуу боюнча бир кыйла сабаттуу сунуштарды берген жамааттын өкүлдөрү таң калтырды. Мисалы: 2013-жыл үчүн СПА отчетун угуу жана бардык айылдарды сугат суу менен камсыздоо үчүн каналдарды жана арыктарды тазалоо боюнча чыгашаларды кайра карап чыгуу; 2014-жылга карата бюджет долбоорунда бала бакчанын курулушуна чыгашаларды караштыруу, бала бакчаны калк “ашар” жолу менен колдоого даяр; кургак учуктун жайылуусун алдын алуу боюнча чыгашалардын өзүнчө беренесин караштыруу; ичүүчү сууга, жарыкка жана жолдорго муктаж болгон жаңы конуштардын чыгашаларын караштырып чыгуу; канцтоварларга кеткен чыгашанын беренесин кыскартуу, анын ордуна айылдын эң көйгөйлүү маселелерин эсепке алуу.



ТКЧ ишмердигинин натыйжаларын талкуулоо маалында аймактын жашоочулары отчетту угуп, өз сунуштарын киргизишти: үч айылда катуу тиричилик калдыктарын жыйноо үчүн тарифти көтөрүү маселеси боюнча чогулуштарды өткөргөндөн кийин тарифти 40 сомго чейин жана андан жогору көтөрүү; таштанды чогулчу жайдын тегерегин тосмолоо; карызы барларга жана таштандыны көрүнгөн жерлерге таштагандар үчүн ири айып пулдарды киргизүү; кыш мезгилинде айылдын ички жолдорун сапаттуу тазалоо жана иштин көбөйүп кетпеши үчүн ТКЧ даярдык иш-чараларын өткөрүшү керек; көп кабаттуу үйлөрдөн КТК өз убагында чыгарып кетүү ишин жөнгө салуу зарыл.

Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары менен иш-чараларды талкуулоонун жүрүшүндө башка аймактардын башчылары Ленин аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын коммуналдык кызматты уюштуруу боюнча аракеттерине оң баасын беришти. Таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүгө карата жарандардын канааттануу деңгээлин аныктоо максатында калк арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун натыйжалары да чоң таасир калтырды. Бюджет боюнча коомдук угуулар тажрыйба алмашуу сапарынын көпчүлүк катышуучуларына тааныш эле болчу, бирок кесиптештер угуулар Ленин АА жогорку деңгээлде уюштурулганын өзгөчө белгилешти.

Ошондой эле пайдалуу сунуштар да болду. Чаткал АА жооптуу катчысы Бактыгүл КУРМАНАЛИЕВА: “Башка чыгашалар” деген беренени мындан да толугураак ачып бериш керек. Анткени бул абдан талаштуу берене. Ал боюнча калк тарабынан суроолор көп болот”. Ак-Курган АА башчысы Юсуфбек ТУРАББАЕВ: “ФЭБ жетекчиси бюджет долбоорун бир топ ыкчам жана кыска тааныштырып өттү. Бирок адегенде калкка айрым терминдердин чечмеленишин түшүндүрүп, андан кийин гана сандарга өтсө болмок. Мисалы, “категориалдык жана теңдештирүүчү гранттар” жана башка сөздөр карапайым калк үчүн түшүнүксүз”.

## БАГЫШ АА:
## ЖӨБ менен жамааттын биргелешкен ишинин натыйжасы – жаңы жол жана эки көчөгө электр жарыгын өткөрүү

Багыш АА (Сузак району) менен таанышуу элеттин ичиндеги асфальт төшөлгөн жолдорду көрсөтүүдөн башталды. Бул жолдун узундугу – 800 метр. Жолду жергиликтүү калк ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун алкагында Элет көйгөйлөрүн биргелешип аныктоонун (ЭКБА-сессиялары) жүрүшүндө эң артыкчылыктуу маселе деп аныктаган. Бул тууралуу толугураак тургундардын өздөрү мындайча айтып беришти: “Тизеге жеткен ылайдын айынан жол таптакыр жараксыз болчу. Эми болсо асфальт төшөлгөн жолдон велосипед тээп, машине айдап өтсө болот, булганып алам, же бутумду сындырып алам деп

коркпостон басса болот". Жолдун ремонт иштерине жалпысынан 1 млн. 840 миң сом кетти. Мунун ичинен жергиликтүү бюджеттен 184 миң сом бөлүндү, калктын салымы 50 миң сомду түздү, дем берүүчү грант 1 млн. 606 миң сомду түздү. Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучуларын мындай жетишкендиктер таң калтырды. Анткени бүгүнкү күндө ар бир эле аймактын, болгондо да дотациядагы аймактын жолго асфальт төшөгөнгө чама-чаркы чектелүү эмеспи.

Андан ары катышуучуларды балдар чыгармачылыгынын борборунда тосуп алышты. Бул жерде төрт демилгелүү топтун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын күчү менен айылдын артыкчылыктуу 14 маселесин чечүү боюнча Биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруунун натыйжаларын чагылдырып беришти. Жалпысынан пландалган 33 иш-чаранын ичинен 23ү ишке ашырылды (70%); каржылоонун жалпы көлөмү 3933500 сомду түздү, анын ичинен жергиликтүү бюджеттин салымы – 649000 сом, калктын салымы – 742000 сом жана үчүнчү жактардын инвестициясы – 2543500 сом. Тажрыйба алмашуунун катышуучулары калктын активдүү катышуусун жана ар бир артыкчылыктуу көйгөйдү чечүүгө инвестиция тартуунун жакшы практикасын белгилешти. Мисалы, Октябрь айылынын жашоочулары жана айыл старостасы тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучуларына бир нече жыл мурда тургундар өз алдынча жана жабыла колдо болгон материалдардан устун орнотушканын, бир электр линиясын көчөнү бойлой кошуп чыгышканын, мындан улам дайыма жарык өчүп, электр аспаптары иштен чыгып турганын айтып беришти. ЭКБА-сессияларын өткөргөндөн кийин эки көчөгө "туура" жарык бериле баштады (29 устун, 1 трансформатор, 1000 метр зым). Бул иштерге кеткен чыгашанын жалпы суммасы 1 млн. 700 миң сом болду, анын ичинен жергиликтүү бюджеттин салымы 20 миң сомду түздү, калктын салымы – 50 миң сом, инвестиция (ПРООН) – 1 млн. сом.



Сөз соңунда Багыш АА башчысы Рахман ШЕРГАЗИЕВ жакынкы пландары менен бөлүштү – Ленин айылдык аймагындагы ТКЧ кызматы өңдүү муниципалдык ишкана түзүү. Айрым бир иштер жасалып калды: уставдын долбоору иштелип чыкты, колдо 1 бульдозер-жүктөгүч бар, калк менен КТК жыйноо үчүн тариф менен графикти, жети айылдык аймакта стационардык контейнерлердин курулушун талкуулоо пландалууда.

## САКАЛДЫ АА:
## калктын күчү менен көптөгөн маселелерди чечсе болот

Сакалды АА К. Абдразаков атындагы мектептин имаратында катышуучуларды жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жамааттын өкүлдөрү – жергиликтүү кеңештин төрагасы жана депутаттары, жамааттын лидерлери, айыл өкмөтүнүн башчысы жана кызматкерлери тосуп алышты. ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун алкагында натыйжалар жана жетишкендиктер тууралуу баяндама жасалды: ЭКБА-сессияларынын жана Биргелешкен аракеттер планынын жардамы менен айылдын көптөгөн көйгөйлүү маселелери кантип чечилгени тууралуу маалымат берилди. Баары болуп 14 артыкчылыктуу көйгөй аныкталган, 50 адамдан турган демилгелүү топ түзүлгөн, 54 иш-чарадан турган план иштелип чыккан, алардын ичинен 21 иш-чара ишке ашырылды (38%). Каржылоонун жалпы көлөмү 2997370 сомду түздү, алардын ичинен жергиликтүү бюджеттин салымы – 730500 сом, калктын салымы – 787520 сом жана үчүнчү жактардын инвестициясы – 1479350 сом.

Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары жергиликтүү маанидеги иштерди чечүүдө калктын катышуусун белгилешти. Эмгек салымын кошпогондо акчалай салым 787 520 сомду түзгөн. Бул бүгүнкү күндө долбоордун 13 пилотунун ичинен жамааттын эң чоң салымы болуп эсептелет. Калктын демилгеси жана күчү менен курулган, Өзбекстандын чек арасына жакын жайгашкан Чек айылындагы көпүрө аймактагы бардык тургундар үчүн өтө маанилүү объект болуп эсептелет. Ошондой эле мектепке чейинки билим берүү үчүн имараттардын жетишсиздигинен улам айылда өткөн чогулушта кабыл алынган чечим боюнча мектептин ордуна убактылуу бала бакчага айланган 60 орундуу "Ак-Шоола" бар. Өзгөчө кызыгууну "Нооруз" бала бакчасы жаратты. Бул жерде катышуучуларды тарбиячылар жана бакчанын балдары театралдаштырылган көчө оюн-зоогу менен тосуп алышты. Бул бакчадагы алты топто 180 бала тарбияланат. "Нооруз" бала бакчасынын өзгөчөлүгү – бул жерде көрсөтмө оюн куралдары аркылуу балдарды тарбиялоонун инновациялык усулдары колдонулуп келет. Бала бакчанын өз телестудиясы бар, ал кызматкерлердин жана ата-энелердин демилгеси менен түзүлгөн.

## КЕҢЕШ АА: жерлерди акыйкат, ачык жана натыйжалуу башкарыш керек

Кеңеш АА (Базар-Коргон району) айыл башчысы Анарбай ТАЛАСБАЕВдин "Муниципалдык жерлерди башкаруу" темасы боюнча баяндамасы кызуу талкууга жем таштады. Бул аймак муниципалдык жерлерди башкаруу маселелери боюнча элеттик муниципалитеттер менен иш алып барган мезгилден бери Кыргызстан боюнча эң мыкты натыйжаны көрсөтө алды. Эмне үчүн? Эсеп жүргүзүп, инвентаризация жасагандан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары сегиз айылдык аймакта 66 гектар курулуш жүрбөгөн бош жер участокторун аныктады. Инвентаризациянын натыйжалары боюнча 2012-2013-ж.ж. Муниципалдык жерлерди башкаруунун Стратегиясы иштелип чыкты. Бул стратегияда жерлердин классификациясы жасалды – стратегиялык максаттар (социалдык объекттердин – мектептер, бала бакчалар ж.б. – болочок курулуштары) үчүн "алтын фонд" аныкталды; "жер фонду" – КР Жер кодексинин 32-беренесине ылайык жеке турак жай курулушу үчүн жер участоктору; "капиталдык курулушка жарамдуу бош жаткан жер участоктору" менчикке же ижарага ачык тоорукта берилет. Мындан тышкары муниципалдык менчик объекттерине укуктарды берүү боюнча жергиликтүү ченемдик укуктук акт иштелип чыкты жана бекитилди.

Жер темасы боюнча тажрыйба алмашуунун катышуучуларынан бир топ суроолор түштү. Мисалы, ЖӨБ органдарынын мурдагы жетекчилери маалында эле айыл тургундарына берилген, бирок ККМУКД (Мамкаттоо) мамлекеттик каттоодон өтпөй калган курулуш жүргөн жер участокторун кантип катташ керек? Жооп: мындай учурда айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү кеңештин чечими укукту белгилеген документ деп эсептелинет. Ошол документ боюнча ККМУКД (Мамкаттоо) укукту белгилеген документти даярдап, ээсине бериш керек. Суроо: кандай принциптерге таянып, жер участокторунун классификациясы жүргүзүлөт? Жооп: азыр чоң суроо-талап кылынган жана ижарага берилген жерлерди "капиталдык курулушка жарамдуу бош жаткан жер участоктору" категориясында калтыра берүү керек. Мындай категориядагы жерлер менчикке же ижарага базар баасы боюнча ачык тоорук аркылуу берилет. Суроо: муниципалдык менчикте эмне бар болгонун кантип аныктаса болот? Жооп: бардык объекттерди эсептөөдөн жана инветаризациядан өткөрүүдөн башташ керек. Кайсы объекттер жана жерлер колдо бар болгонун аныктоо зарыл. Андан соң тактоо жана каттоо үчүн Мамкаттоого кайрылуу абзел.

Сөз соңунда баяндамачыга Тогуз-Торо АА башчысынан кызыктуу сунуш түштү. Башчы муниципалдык жерлерди эсепке алуу жана инвентаризациядан өткөрүү процессине чындап кызыгып, Анарбай ТАЛАСБАЕВди өзүнүн айылдык аймагына чакырды.

### Түз сөз

Улан КӨЧӨРБАЕВ, Тогуз-Торо АА башчысы: "Биздин АА Ленин аймагынын ТКЧ иш тажрыйбасын практикада колдонууга 100% даяр турат. Анткени бул - №1 көйгөй. Жыл сайын жазында айылды тазалап чыкканыбызга карабастан бул көйгөй жылдан жылга сакталып кала берүүдө жана ТКЧ атайын кызматы иштей баштаганча маселе чечилбейт. Биз айыл өкмөтүнүн алдында ТКЧ бөлүмүн ачууну, техниканы жана эки адисти жалдоону, ар бир короого 20 сом көлөмүндө тарифти орнотуп, бул маселени калк менен макулдашуу үчүн коомдук угууларды өткөрүүнү пландап жатабыз. Багыш АА мисалында жолдор жана жарык берүү өңдүү көйгөйлөрдү чечүү үчүн инвестиция тартуу боюнча долбоор-донорлор менен активдүү иштешкибиз келет, ошондой эле маданиятты өнүктүрүү үчүн бардык шарттарды түзүүнү каалайбыз. Мындан тышкары Сакалды АА жасап жаткандай, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө калкты тартуу боюнча активдүү иш алып бармакчыбыз".

Наралы БАТЫРКАНОВ, Сумсар АА башчысы: "ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында биздин аймак тракторду сатып алууга грантты утуп алды. Теория жүзүндө мындан аркы аракеттерибизди билгенбиз, бирок иш жүзүндө көп суроолор боюнча күмөн санай баштаганбыз. Эми болсо Ленин АА ТКЧ ишин талкуулоого катышкандан кийин таштанды көйгөйүн чечүүдө кайсы багытта иш алып барышыбыз керектигин дагы да жакшыраак түшүнүп калдым".

Чолпон МУРЗАКАНОВ, Ленин АА башчысы: "ЭҮЖӨБОЖ долбоору менен иштеген маалдын ичинде 2011-жылдан баштап биз калк менен тыгыз байланышты түзө алдык. Эми бардык оппозиционерлер биздин тарапка өттү, ишибизди түшүнөт жана колдошот. Бардык аймактарга бюджеттик процессте айкындуулукка жана ачыктыкка жетишүүнү каалайм. Бул калк менен кызматташтыкка, ынтымакка, натыйжаларга алып келет. Бул жолду тандаган көптөгөн кесиптештерим да натыйжаларга жетишип жатканына күбөмүн. Багыш АА мага калктын катышуусу, бардык аймактын маанайы жакты – адамдар алардын биргелешкен эмгегинин натыйжаларын ынтымактуу тартуулап жатышты. Калктын өз айылындагы көйгөйлөргө кайдыгер эмес мамилеси таң калтырды. Жашоочулар жашоо шартты жакшыртууга ушунчалык чоң салым кошкон экен. Биз бул багытта дагы иштей беришибиз керек".

Бейформал жагдайда баарлашуу маалында тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары анын натыйжалуулугу жана негизги пайдасы башка АА кандай иштеп жатканын өз көздөрү менен көрүү болгонун белгилеп жатышты. Ар бир адам өзү үчүн пайдалуу тажрыйба алып, аны иш жүзүндө колдонууга даяр турат. Катышуучулардын каалоосу тажрыйба алмашуу өз максатына жеткенинен кабар берет.

Эрнст ХАЙНЕ, немис жазуучусу: "Тажрыйба аркылуу алынган билим – эң татаал жол. Же окшоштуруп тууроо – бул эң үстүрт жол. Же ой жүгүртүү аркылуу – бул оңой эле адаштырган жол. Бирок эң мыктысы – көрсөтмөлүү окутуу, ошондо адамда бир эле учурда көздөрү да, кулактары да иштейт".

***Гүляим ШАМШИДИНОВА,***
ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун мыкты тажрыйба боюнча адиси

## Тоң айылдык аймагы алгачкы жолу бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрдү





2013-жылдын 5-июлунда Ысык-Көл облусунун Тоң айылдык аймагынын бардык жашоочулары үчүн тарыхый окуя болду. Бул күнү алар муниципалитеттин тарыхында биринчи жолу 2014-жылга карата жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча коомдук угууларга катыша алышты.

Угууларга 50дөн ашык адам катышты. Алардын ичинде жергиликтүү кеңештин төрагасы, депутаттар, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, айыл башчысы, ММК жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү бар.

Тоң айыл өкмөтүнүн башчысы Гүлмира ЭСЕНГУЛОВА 2014-жылы жергиликтүү бюджеттин көлөмү 2 млн. 612 миң сомду түзөөрүн айтты. Аймактын тургундары башчыга суроо узата алышты: эмне үчүн кийинки жылга категориалдык гранттын көлөмү кыскарды? “Башка чыгашалар” деген берене эмнени түшүндүрөт? Кайсы каражаттардын эсебинен мамкызматтар кыскартылды? Айылдарды жарыктандырууга чыгашаларды көбөйтсө болобу? ФАПтын полунун ремонту үчүн бөлүнгөн 35 миң сом жетиштүүбү?

## Багыш айылдык аймагы калк менен 2014-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун талкуулады

2013-жылдын 9-июлунда Жалал-Абад облусунун Багыш айылдык аймагынын Октябрь айылында 2014-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун талкуулоо боюнча коомдук угуулар өттү.

Угууларга жергиликтүү тургундардын, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жана айыл өкмөттүн кызматкерлеринин ичинен жүздөн ашуун адам катышты.

Иш-чаранын уюштуруучулары катышуучуларга программаны, бюджеттин долбоорунун кыскача сүрөттөлүшүн жана суроолор менен сунуштарды киргизүү үчүн барак таратып жаткан маалда угуулардын модератору М. КЫРБАШЕВ бул иш-чаранын максаттары менен тапшырмаларына кыскача токтолду.

Айылдык кеңештин төрагасы Ж. САИПОВ, башчынын орун басары К. КАЛДЫБАЕВ жана долбоордун кеңешчиси А. КОЖОНОВА менен А. МАШАЕВА катышуучуларга ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун алкагындагы иштердин натыйжалары тууралуу айтып беришип, кийинки жылга бюджетти талкуулоо боюнча алдыда боло турган процесске активдүү катышууга үндөштү.

Бюджеттин долбоору менен жергиликтүү кеңештин депутаты, бюджеттик комиссиянын төрагасы Б. ИБРАИМОВ тааныштырып, бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү тууралуу кенен-чонон айтып берди. Баяндаманын соңунда катышуучулар тараптан төмөнкүдөй сунуштар түштү:

- АА аймагындагы жеңил, жүк ташуучу машинелердин жана атайын техниканын ээлери салык төлөшү үчүн аларды эсепке алуу;
- жергиликтүү бюджетке кошумча салыктар түшүп турушу үчүн жумуш орундарынын санын көбөйтүү үчүн кичи жана орто ишканаларды ачуу мүмкүнчүлүгүн караштыруу;
- ветеринардык кызматка чыгашаларды көбөйтүү, анткени кырылган малдын саны жылдан жылга көбөйүп жатат;
- түрдүү майрамдык иш-чараларга чыгашаларды азайтуу менен спортко жана маданиятка кошумча каражат бөлүү.

Угуулардын соңунда катышуучулар киргизилген сунуштарды карап чыгуу зарылчылыгы тууралуу бир добуштан чечим кабыл алып, 10 күндүн ичинде бюджеттин долбоорунун жаңыртылган версиясын айылдык аймактын территориясындагы маалымат такталарына жайгаштырууну чечишти.

# Тогуз-Торо айылдык аймагынын тургундары 2014-жылга карата бюджет долбоорун жактырды



2013-жылдын 13-июлунда Тогуз-Торо айыл өкмөтү 2014-жылга бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрдү. Бул өңдүү иш-чара буга чейин 2012-жылга бюджетти аткаруу боюнча өткөн эле.

Баары болуп угууларга 60тан ашуун киши катышты. Алардын арасында жергиликтүү кеңештин депутаттары, айыл өкмөттүн кызматкерлери, дыйкандар, жарандык коомдун, ММКнын, салык инспекциясынын жана Соцфонддун бөлүмүнүн өкүлдөрү бар. Ошондой эле угууларга кошуна Кара-Суу АА башчысы жана айыл өкмөтүнүн кызматкерлери да катышты.

Угуулардын ар бир катышуучусуна каттоо маалында бюджет долбоорунун сүрөттөлүшү жана сунуштар менен суроолор үчүн атайын барак таратылды.

Саламдашкандан кийин айыл өкмөттүн башчысы Улан КӨЧӨРБАЕВ, айыл өкмөттүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн өкүлү Динара ЖУНУСОВА жергиликтүү бюджеттин чыгашалар беренеси жана кирешелер булагы тууралуу кенен маалымат беришти. Тогуз-Торо АА кийинки жылга жергиликтүү бюджети 7 млн. 364,7 миң сомду түзөт. Анын ичинен 83% теңдештирүүчү гранттын каражаттары түзөт.

Баяндаманын соңунда катышуучулар төмөнкүдөй суроолорду узатышты: "Спорт" беренесиндеги каражаттар эмнеге сарпталат жана бул беренени каржылоону көбөйтсө болобу? Бюджеттин бардык чыгашалар менен кирешелерин жалпысынан ким көзөмөлдөйт? Бюджеттин долбоорун түзүүдө электр жарыгына тарифтерди жогорулатуу эсепке алындыбы? Эмне үчүн бюджетке билим берүүгө чыгашалар кошулуп калган, ал республикалык бюджетке өткөрүлүп берилбеди беле? Эмне үчүн бюджетте беш жылдан ашуун убакыттан бери жаңыртылбай келаткан эмеректи сатып алууга чыгашалар каралган эмес? Дотациялык чуңкурдан кантип чыкса болот? Жайыттардан кандай киреше түшөт? Соңку бюджет долбоорун ким жана качан бекитет?

Жалпысынан тургундар бюджеттин долбоорун жактырышты. Бирок документти айылдык кеңештин кароосуна жиберүүнүн алдында алардын да сунуштарын кошуп коюуну өтүнүштү. Айыл өкмөттүн кызматкерлери катышуучуларды өз сунуштарын жана комментарийлерин жазуу түрүндө берүүнү сурашты.

# Тогуз-Торо районунда райондук интернет-порталды түзүү боюнча процесс башталды

2013-жылдын 8-июлунда Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун райондук мамадминистрациясынын имаратында райондук порталды иштеп чыгуу боюнча Жумушчу топтун жолугушуусу өттү. Топтун курамы 17 кишиден турат. Алардын арасында бардык беш АА башчылары, райондук мамлекеттик администрациянын кызматкерлери, жарандык жамааттын өкүлдөрү жана башка кызыкдар адамдар бар. Порталды түзүү демилгесин "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоору колдоп берди. Тогуз-Торо районунун табыштамасы сынактын негизинде ишке ашыруу үчүн тандалып алынган.

Райондун акими Тилек ИДИРИСОВдун айтымында, бул демилге бир кыйла аракеттерди талап кылганы менен анын келечеги өтө кең: "Биз өз районубуз үчүн порталдын зарылчылыгын түшүнүп турабыз. Ошондуктан бизди башка талапкерлердин ичинен тандап алышы үчүн бир кыйла аракеттерди жумшадык. Райондун муниципалитеттеринин башчылары да аларга портал эмне үчүн керектигин түшүнүп турат. Ал бир жагынан маалыматка жетүү жөнүндө мыйзамдын талаптарын аткаруу үчүн керек. Биз ишти өз убагында бүтүрүү жана портал маалыматтарга бай болуп, жарандардын керегине жарашы үчүн колдон келген аракеттерди жасайбыз".

Жумушчу топтун мүчөлөрү мойнуна алгандай, көпчүлүк ушул өңдүү сайтты түзүү тууралуу маалыматка ээ эмес, бирок бул долбоорго катышуу жана колдон келген жардамды көрсөтүү үчүн чоң каалоо бар. ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун адистери менен биргеликте жумушчу топтун мүчөлөрү сайттын алдын ала структурасын иштеп чыгышты жана порталдын ичин толтуруу үчүн зарыл болгон бөлүктөрдү жана маалыматтын түрлөрүн аныкташты. Порталды 2013-жылдын кеч күзүндө ишке киргизүү пландалууда.

# Сүлүктүнүн өнүгүүсү үчүн: муниципалитет менен жергиликтүү кен казуучу компаниялардын диалогу

Сүлүктү шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кен казуучу компаниялар кызматташтык тууралуу меморандумга кол коюшту. Бул – Кыргызстандын тарыхында муниципалитет инвесторлор менен чыныгы өнөктөштүктү орнотууга эстүү кадамдарды жасаганын көрсөткөн азырынча азганактай мисалдардын бири. Мында "сунган кол" турумунан өз ара пайдалуу кызматташтык турумуна өтүүдө.

Сүлүктүнүн көмүрү – аймактагы эң калориялуу – кошуна өлкөлөрдө абдан бааланат. Өлкөдөгү эң көп көмүр запасы ушул жерде жатат. Көмүрдү ондон ашык компания казып алганы менен, Кыргызстандын көмүр борборун өнүгүп-гүлдөгөн шаар деп айтууга оозбарбайт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары казуучу компаниялар менен тыгыз кызматташуу аркылуу Сүлүктүнү гүлдөгөн, жайлуу, заманбап шаарга айландыруу үчүн күрөшөйүн деп чечишти.

Көмүр компаниялары жергиликтүү бюджетке жакшы эле салык төгүшөт, салыктар болжол менен 32 миллион сомду түзөт. Анткен менен мэриянын эсебинде, төгүмдөр мындан да көп болмок. Өз кезегинде компаниялар калкка жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусуз эле түз колдоо көрсөтүүгө ыкташат. Бирок акыркы учурларда эки тарап тең бир нерсени түшүнө баштады: жергиликтүү өз алдынча башкаруу шаардын абалын жакшыртууда алдыңкы ролду ойнош керек. Мына ушуну шаардык кеңештен жана мэриядан мыйзамдар да талап кылат.

Антсе да инвестор менен өнөктөштүктү орнотуу жана сүйлөшүүлөрдү натыйжалуу жүргүзүү баамдап жасалган аракеттерди, саясий эркти, менеджмент шыгын талап кылат. Ал эми бул сапаттар Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көбүнө жетишпей турат. Жакынкы убакытка чейин каржылык колдоо үчүн инвесторлорго кезекке туруп келишкен. Бирок ошол каражатты шаардын казынасына төгүп, шаардыктар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргелешип артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү туура болмок.

Сүлүктүнүн кеңеши жана мэриясы алар үчүн жаңы болгон жолго кадам таштагандан коркушкан жок. Шаардын көйгөйлөрүн чечип, жашоо шартты жакшыртып, Сүлүктүнүн өнүгүүсүнө жетүү үчүн шаардык кеңештин төрагасы Каныбек ИСМАИЛОВ менен мэр Абдузакир ИБРАИМОВ инвесторлор менен тиреш өңдүү эски практикадан баш тартууну чечишти. Бул үчүн алар беш ири кен казуучу компаниянын жетекчилери менен кызматташтык тууралуу меморандумга кол коюшту: "Кызыл-Булак" ЖЧК, "Т.Марипов" ЖЧК, "Т.Ибрагимов" ЖЧК, "Кара Алтын Кен" ЖЧК жана "Нур" ЖЧК. Шаар башчысынын айтымында, бул меморандум шаардын туура нукта өнүгүүсү үчүн кошумча дем берип, шаардык бюджетти толуктайт, ошондой эле салык төлөгөн жана өз шаары үчүн күйгөн инвесторлор үчүн калканч болуп берет. Мэрдин баамында, эң негизгиси – муниципалитеттин көйгөйлөрүн көрүү, аларды өз алдынча башкаруу, бардык маселелерди чогуу конструктивдүү чечүү. Ушул тапта иш-чаранын планын иштеп чыгуунун үстүнөн активдүү иштер жүрүп жатат, ал болсо меморандумду реалдуу мазмун менен толтурмакчы. Бирок алгачкы кадам жасалды жана ал Сүлүктүнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруусу тоокен казуучу сектор менен жалпысынан бизнес ортосундагы өнөктөштүктүн чөйрөсүндө Кыргызстандын башка муниципалитеттери үчүн мисал болуп берет деген үмүттү жандырат.

### Маалымат үчүн:

***Сүлүктү – Баткен облусунун түштүк-батышында, Сүлүктү-Сай суусунун капчыгайында жайгашкан облустук маанидеги шаар. Шаардын 1868-жылы пайда болушу падышалык Орусия мезгилинде эле көмүр казып алуу менен байланыштуу болгон. Сүлүктүнүн маалымат китептерине таянсак, бул шаар Орто Азиядагы көмүр казып алуучу эң ири борборлордун бири болуп эсептелет. Анын аймагында көмүрдөн тышкары гипс, ылай, чакмак таш жана акиташ да чыгат. Сүлүктү шаарынын районундагы көмүр чыкчу жерде 10 компания иш алып барат, дагы 6 компания чалгындоо иштерин жүргүзүүдө жана жакынкы учурда алар да көмүрдү казууга киришет. Жалпысынан жылына 200 млн. тонна көмүр казып алынат. Салыштыруу үчүн айта турган болсок, республикадагы бардык ТЭЦ үчүн жылына 1 миллион тонна көмүр зарыл. Ал эми болжолдуу, изилдене элек көмүр запастары 300 млн. тоннага жетет. Бул болсо бир гана шаардагы запастар Кыргызстандын бардык көмүр казып алуусунан 30 пайызды түзөт дегенди түшүндүрөт. Эгерде казып алынган көмүрдүн сапаты тууралуу айта турган болсок, ал калориялуулугу боюнча Орто Азияда биринчи орунда турат. Ошондуктан кошуна республикалар бекеринен эле ондогон тонна көмүрдү жогорку баа менен сатып алып жатпаса керек.***





# ӨНӨКТӨШТҮКТҮН ЖАНА ҮМҮТТҮН ЖОЛУ

Акыркы маалда Кыргызстанды жаратылыш ресурстарын иштеткен кен казуучу компанияларга карата айыл жана шаар тургундарынын нааразылыгынан улам келип чыккан жаңжалдар солкулдатып жатат. Калк экология, компаниялардын кирешелерин бөлүштүрүү, жергиликтүү калкка жардам өңдүү маселелердин кантип чечилип жатканына наарazы болушууда. Ошону менен катар кендерди иштетип жаткан компаниялардын да, мамлекеттик жана муниципалдык органдардын да ишинин жабык мүнөзү тирешүүнүн негизги себеби болуп жатат. Ушундан улам калктын ушул структураларга болгон ишеними төмөндөп, бул болсо ачык жаңжалга алып келүүдө. Мындай тирешүүлөрдү болтурбоо мүмкүнчүлүгү барбы?

Сүлүктү шаарынын мэриясы жана шаардык кеңеши демилге көтөрүп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кен казуучу компаниялар жана жергиликтүү тургундар ортосунда өнөктөш мамилелерди орнотууну чечти. Өнөктөштүктүн өзөгүн шаардын гармониялуу өнүгүүсүнө жалпы кызыкдарлык жана өз ара ишеним түзмөкчү. Инвесторлор (көмүр кендерин иштетүүчүлөр) – бул жергиликтүү, кыргызстандык компаниялар болгону, ал эми алардын кызматташтыкка жана шаарга кам көрүүгө мотивациясы башкаларга караганда бир кыйла жогору экени Сүлүктүнүн тажрыйбасынын өзгөчөлүгүн түзөт.

Сүлүктү шаары берекелүү жерде жайгашкан. Жаратылыш шаарга Борбор Азияда мыкты деп эсептелген көмүргө бай жерди тартуулаган. Өлкө экономикасынын жалпы кыйрашына байланыштуу тыныгуудан кийин Сүлүктүнүн көмүрүнө болгон талап өстү, анын артынан баалар да жогорулады. Бул болсо Баткен облусундагы көмүр өнөр жайынын кайрадан калыбына келишине түрткү болду. Ушул тапта 20га чукул компания Сүлүктүнүн тегерегинде көмүр казып жатат, иш орундары түзүлүп, адамдар маяна алып, бара-бара кенчилердин жашоо шарты да оңолуп келатат. Бирок шаардын өзүндө шахталардын ийгиликтүү иштеп жатканына байланыштуу өзгөрүүлөр байкала элек. Шаардын учурдагы абалынан улам жергиликтүү тургундар тазалыгы, жашыл бак-дарактары, ынтымактуу интернационалдык курамы менен айырмаланган Совет маалындагы Сүлүктүнү өкүнүү менен эскерип келишет. Шаардыктар белгилүү кенчилер, мыкты дарыгерлер жана мугалимдер менен сыймыктанышчу. Азыркы маалда болсо биз талкаланган, караңгы жана булганыч жолдорунун, шаар кайра калыбына келеринен үмүтүн үзгөн жашоочуларынын айынын кыйрап бараткан шаарды көрүп жатабыз.

Шаардык кеңештин депутаттары Сүлүктү шаарынын мэриясы менен биргеликте кырдаалды өзгөртүп, жергиликтүү бийликтин, калктын жана бизнестин бардык күчтөрүн шаарды жандандырууга багыттоону чечти. Шаардын инфраструктурасын өнүктүрүү, аны жакшыртуу, социалдык маселелерди чечүү жергиликтүү бюджеттин абалы менен түздөн-түз байланышта. Ушул тапта Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бюджеттик саясаты бюджет маселелеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кандайдыр бир деңгээлде өз алдынчалуулук берип жатат. Акыркы жылдары жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн жогорулатууга багытталган олуттуу өзгөрүүлөр киргизилди. Өзгөчө бул пайдалуу кендерди казып алуу иши өнүгүп жаткан аймактарга тиешелүү. Акыркы 2 жылда эле жергиликтүү бюджеттердин курамына жер казынасына салык (роялти), кен казуучу компаниялардын ишмердигинен 2% өлчөмүндө чегерүүлөр, кен казуучу компанияларга лицензия үчүн кармап калуулар киргизилди. Мындан тышкары муниципалитеттерде жергиликтүү салыктардын (жер салыгы жана мүлк салыгы) эсебинен, ошондой эле жалпы мамлекеттик

***1-таблица. Жарым жылда Сүлүктү ш. бюджетинин кирешесинин өсүшүнүн салыштырмалуу динамикасы, миң сом***

| Кирешелердин аталышы | 2012-ж. 6 айына факт | 2013-ж. 6 айына факт | Өсүү темпи |
|---|---|---|---|
| Жалпы кирешелер | 47456,4 | 67163,3 | 142 |
| Анын ичинде: | | | |
| Өздүк жеке жалпы кирешелер | 15303,3 | 20148,1 | 132 |
| Республикалык бюджеттен түшкөн трансферттер | 32153,1 | 47015,2 | 146 |

***2-таблица. Жергиликтүү бюджеттин кирешесин түзүүдө маанилүү салымды кызматташтык тууралуу меморандумга кол койгон көмүр казган компаниялар кошууда***

| Уюмдун аталышы | Сүлүктү шаарынын бюджетине салым |
|---|---|
| ЖЧК «Т.Ибраимов» | 2 454 050 сом |
| ЖЧК «Т. Марипов» | 460 990 сом |
| ЖЧК «Нур» | 1 449 510 сом |
| ЖЧК «Кызыл Булак» | 833 900 сом |
| **ЖАЛПЫ:** | **5 198 450 сом** |

салыктардын – сатуудан түшкөн салыктын жана кирешеге карай салыктын эсебинен жергиликтүү бюджеттин кирешесин жогорулатууга карата чоң потенциал пайда болду. Жергиликтүү бюджеттердин дээрлик бардык киреше базасы жергиликтүү экономиканын өсүшүнөн көз каранды. Эгерде жергиликтүү бийлик органдары калк менен биргеликте бизнес үчүн шарт түзүп берсе, анда жергиликтүү бюджет толукталып, мунун айынан шаардын жашоосу да жакшырат деп күтсө болот.

Бюджеттик процесстин натыйжалуулугунун маанилүү шарты – салык төлөөчүлөрдүн, жергиликтүү бийликтин жана калктын чыныгы өнөктөштүгү болушу керек. Бул өнөктөштүк өз ара ишенимге, ачыктыкка, жергиликтүү көйгөйлөрдү биргелешип талкуулоого негизделиши шарт. Шаар бийлиги буга даяр. Мунун далили – жергиликтүү бийлик органдары менен кен казуучу компаниялар кол койгон өз ара аракеттешүү жөнүндө меморандум.

Ушул меморандумдун шарттарын аткаруунун алкагында алгачкы чоң иш-чара Элмуратов көчөсүндө жайгашкан узундугу 12,7 км жолду калыбына келтирүү болуп калды. Ошону менен катар жолдун 2,3 км капиталдык түрдө оңдолмокчу (толугу менен асфальт төшөлөт). Көп жылдан бери жолдордун абалы шаардын негизги артыкчылыктуу көйгөйү болуп келген. Аны оңдоп-түзөө маселесин шаардыктар жана жергиликтүү ишкерлер көп убакыттан бери көтөрүп келишкен. Бирок ишти баштоонун көп жолку аракеттери каражаттын жетишсиздигинен улам үзгүлтүккө учурап келген. Мындан улам калктын жергиликтүү бийликке болгон ишеними жоголо баштаган. Шаардыктардын баамында, марафондо чогултулган каражаттар натыйжасыз сарпталган, айкындуулук деңгээли төмөн болчу. Шаардын азыркы жетекчилиги биринчи кезекте баштаган бардык ишинде ачыктыкты камсыздап, бизнес жана калк менен ишенимдүү мамилелерди орнотууну чечти. Сүлүктү шаарынын бюджетин ачык, айкын кылуу, шаардын ири салык төлөөчүлөрүнүн реалдуу салымын көрсөтүү, чыгашаларды негиздеп берүү жана алардын натыйжалуулугун көрсөтүп берүү зарылчылыгын түшүнүү пайда болду.

Акыркы эки жылда жергиликтүү бюджеттин кирешесинде позитивдүү чоң өзгөрүүлөр байкалат. Бул болсо борбордун жардамына кылчактабай, жаңы жолдун курулушу өңдүү ири долбоорлорду өз алдынча баштоого жол ачты.

2013-жылдын 6 айында киреше 2012-жылдын ушул мезгили менен салыштыра келгенде дээрлик 5 млн. сомго көбүрөөк чогултулган. Өсүш 132% түздү. 2013-жылдын экинчи жарымында өсүш ыргагы мында да байкалаарлык болот деп күтүлүүдө (1-2 таблицалар).

Өнөктөштүк тууралуу меморандумга кол койгон компаниялар биргелешип, шаардын өнүгүүсүнө Сүлүктү ш. бюджетинин бардык кирешесинен 25% жогору көлөмдө салым кошуп жатышат. Жумушчу жолугушууларда жергиликтүү бийлик жана бизнес ачыктыкка жана айкындуулукка негизделген биргелешкен программаларды ишке ашыруу тууралуу макулдашты. Мэрия жана шаардык кеңеш бул нерсеге даяр. Буга байланыштуу Сүлүктү ш. бюджети боюнча ачык шаардык угууларды өткөрүү, шаардын жашоосундагы өзгөчө маанилүү долбоорлорду ишке ашыруу тууралуу маалымат берүү пландалып жатат.

2013-жылдын июнунда Сүлүктү шаарындагы жолду кура турган компанияны тандоо боюнча тоорук өттү. Баткен облусунда жолду куруу жаатында тажрыйбага ээ болгон компаниялардын аздыгы көйгөйлүү маселе болду. Ошондуктан тоорукка аз сандагы катышуучу келди. Табыштаманы эки компания берди: “Алкадырсантехсервис” ЖЧК (Ош ш.) жана “Ак-Тилек” ЖЧК (Исфана ш.). “Алкадырсантехсервис” ЖЧК тооруктун талаптарын толук өлчөмдө аткара албагандыктан (өзүнүн техникалык базасынын жоктугу: өз техникасынын бар болгонун тастыктаган документтер болгон эмес; салыктар жана Социалдык фондго чегерүүлөр боюнча карыздардын болуп-болбогону тууралуу маалыматтын жоктугу) тоорукту “Ак-Тилек” ЖЧК утуп алды. Бул компания 12 млн. сомго жакын суммага жолду куруу милдеттемесин алды.

Бул сумманы төлөп берүү үчүн шаар өзүнүн бардык ресурстарын, анын ичинде инвесторлордун, кен казуучу компаниялардын жана шаар тургундарынын жардамын мобилдештириш керек.

Жакынкы учурда мэрия жана шаардык кеңеш жолдун курулушун колдоо боюнча өз программасын жарыялайт. Бул программа өнөктөштүктүн үлгүсү жана Сүлүктү шаарынын кайра жандануусунун башаты болуп калмакчы.

# АТТЕСТАЦИЯГА ДАЯРДЫК

***2013-жылдын 22-февралындагы №26 "Административдик муниципалдык кызматтын бош орунун ээлөөгө сынактан өтүүдө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында административдик кызматтарды ээлеген муниципалдык кызматчылардын аттестациядан өтүүсүндө компьютердик тестирлөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын буйругунун негизинде муниципалдык кызматчыларды сынактык тандап алуу жана аттестациядан өткөрүү жол-жобосунун бир түрдүүлүгүн сактоо максатында "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын Тестирлөө борборунда компьютердик тестирлөөнү өткөрүү үчүн электрондук табыштаманы толтуруунун тартиби" деп аталган документ бекитилген. Бекитилген тартипке ылайык, тестирлөөгө табыштаманын формасы жана тестирлөөнүн катышуучуларынын тизмеси үлгү боюнча гана даярдалат. 2011-жылдын 29-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген №741 "Мамлекеттик административдик кызматтын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматчыларынын бош орундарын ээлөөгө талапкерлерди тестирлөөдөн өткөрүүнүн тартиби жөнүндө" Убактылуу жобого (мындан ары – Жобо) карата 7-тиркемеде берилген маалымат базасын даярдоо үчүн электрондук таблица MS Excel программасында төмөнкү түрүндө толтурулат:***

- ***A тилкеси: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы;***
- ***B тилкеси: структуралык бөлүмдүн аталышы;***
- ***C тилкеси: кызматтын аталышы (сынактык тандап алуу болгон учурда – талапкер көрсөтүлүп жаткан кызмат; аттестация учурунда – муниципалдык кызматчы ээлеген кызмат);***
- ***D тилкеси: тестирлөөгө катышкан адамдын фамилиясы;***
- ***E тилкеси: тестирлөөгө катышкан адамдын аты;***
- ***F тилкеси: тестирлөөгө катышкан адамдын атасынын аты;***
- ***G тилкеси: тестирлөөгө катышкан адамдын ИННи;***
- ***H тилкеси: ошонун негизинде тестирлөө өткөрүлүп жаткан жол-жобо.***

***A тилкесиндеги электрондук маалыматтын акыркы бош сабы # белгисин камтыш керек.***

***Каттын кагаз түрүндөгү варианты (Тиркемеге 3-тиркеме, 4-тиркеме) жана тестирлөөдөн өтө турган адамдардын тизмеси (Тиркемеге 5-тиркеме, 6-тиркеме). Мында предметтик тестти түзүү үчүн булактардын тизмесин көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматына жөнөтүлөт.***

***Каттардын электрондук варианттары (Тиркемеге 3-тиркеме, 4-тиркеме), тестирлөөдөн өтө турган адамдардын тизмеси (Тиркемеге 5-тиркеме, 6-тиркеме). Маалымат базасы үчүн маалыматтардын электрондук форматы tcks2010@mail.ru электрондук дарегине жиберилет.***

***Маалыматтын жогоруда көрсөтүлгөн талаптарга шайкештиги үчүн жоопкерчиликти жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аппарат жетекчиси (жооптуу катчы) алат.***

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө тесттик суроолорду түзүү үчүн ченемдик укуктук актылардын алдын ала түзүлгөн тизмеси:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы.
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси.
- Кыргыз Республикасынын Жер кодекси.
- Кыргыз Республикасынын Салык кодекси.
- "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- "Муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- "Мамлекеттик тил жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын макамы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- "Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- "Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- "Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- "Эркектер жана аялдар үчүн тең укуктардын жана тең мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиги жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы.

- “Аксакалдар соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- “Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- “Жайыттар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- “Жарандардын кайрылуусун карап чыгуунун тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматка жетүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- “Тынч чогулуштар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2012-жылдын 23-июлунда №517 токтому менен бекиткен Кыргыз Республикасында иш өндүрүшү боюнча типтүү көрсөтмө.

## Компьютердик тестирлөөнү түзүүдө колдонулган болжолдуу суроолордун тизмеси

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги принциптери.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тутуму.
- Жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруунун формалары.
- Жергиликтүү жамааттар.
- Айылдык аймак.
- Коомдук бирикмелер, ассоциациялар жана жергиликтүү жамааттардын союздары.
- Туруктуу комиссиялардын ыйгарымдуу укуктары.
- Айыл өкмөтүнүн башчысынын кызматка киришинин тартиби.
- Мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатындагы ыйгарым укуктары.
- Шаардын мэринин кызматка киришүүсүнүн жана аны кызматтан бошотуунун тартиби.
- Аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун ишинин аймагынын чектери.
- Облустук маанидеги шаарлардын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын сандык курамы.
- Жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана жеңилдиктерди киргизүү жөнүндө маселе кайсы органдын сессиясында чечилет?
- Жаңыдан түзүлгөн шаарда, жана айылдык округда шаардык жана айылдык кеңештеринин биринчи сессиясын алып баруунун тартиби.
- Жергиликтүү кеңештин чечимдеринин формалары.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптери.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу деген эмне?
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына жергиликтүү маанидеги маселелер.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу бийлиги.
- Муниципалдык кызмат оруну кандай түрлөргө бөлүнөт?
- Муниципалдык кызматчы болуп кимдер саналат:
- Муниципалдык кызматы–бул ...
  Башкы, улук, кенже кызмат орундарына кайсы класстык чиндер ылайык келет?
- Муниципалдык кызмат орундары кандай класстык разряддарга бөлүнөт?
- Муниципалдык кызматчынын укуктары ...
  Муниципалдык кызмат орундарын кимдер ээлей албайт
- Муниципалдык кызматчылар үчүн кандай сыйлыктардын түрлөрү каралган?
- Муниципалдык кызматчыны аттестациялоо кандай жүргүзүлөт?
- Муниципалдык кызматчы качан, өзү алган кирешелери тууралу жана салык салууга объект болуп саналган өзүнө менчик укугунда таандык болгон мүлк жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү.
- Муниципалдык кызмат оруну – бул...
- Муниципалдык кызматчынын өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн муниципалдык кызматчыга кандай тартиптик айыптар салынат?
- Муниципалдык кызматтын негизги принциптери?
- Кызматтык жоругу, муниципалдык кызматчынын өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарбагандыгы жана талаптагыдай аткарбагандыгы, эмгек тартибин бузгандыгы, жүктөлгөн кызматтык ыйгарым укуктарынан аша чапкандыгы, муниципалдык кызматка байланышкан ушул Мыйзамда белгиленген чектөөлөрдү сактабагандыгы үчүн муниципалдык кызматчыга кандай тартиптик айыптар салынат:
- Муниципалдык кызматчыга канча күнгө ар жылдагы акы төлөнүүчү өргүү белгиленет?
- Муниципалдык менчик объекттерин ипотекага берүүнү же күрөөгө коюуну кайсы орган жүргүзөт?
- Муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү программасын ким иштеп чыгат жана бекитет?
- 38. Турак жайга кирбеген фонд- бул ...
- 39. Кандай учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таандык болгон мүлккө муниципалдык менчик тийиштүү жергиликтүү өз ал-

дынча башкаруу органынын укук мурастоочусуна компенсациясыз өткөрүп берилет?

- Кандай учурларда мамлекеттик менчик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берилет?
- «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» КР мыйзамынын 1-статьясында кандай түшүнүктөр келтирилген?
- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин башкарууну кайсы орган жүргүзөт?
- Жер фондусу деген эмне?
- Кыргыз Республикасында жер мамилелери кайсы ченемдик-укуктук актылар менен жөнгө салынат?
- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин башкаруу кандай жол менен ишке ашырылат?
- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин берүү боюнча тооруктарга (торги) талапкер катары кимдер катыша алышпайт?
- Келечек план кандай бөлүктөрдөн турат?
- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү шарттарын жана тартибин, анын ичинде акынын чегин аныктоону ким белгилейт?
- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун ижарага алынган жер участкасы башка жактарга ижарага берилиши мүмкүнбү?
- Жер комиссиясынын курамы жана иш регламенти ким тарабынан бекитилет?
- Аксакалдар сотторунда иштерди (материалдарды) кароо мөөнөттөрү.
- Аксакалдар сотторунун ишинин укуктук негизи.
- Аксакалдар соттору ким тарабынан уюштурулат?
- Аксакалдар сотторунун мүчөлөрү кандай мөөнөткө жана кандайча шайланат?
- Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын милдеттери.
- Жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү.
- Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укуктары.
- Депутаттык суроо-талап – бул ...
- Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары кандай учурларда токтотулат?
- Шайлоо округундагы өзүнүн ишинде депутат эмненин жардамына таянат.
- Депутаттардын ыйгарым укуктарына тийиштүү талаш маселелер кандай тартипте чечилет?
- Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укуктарын кандай жүзөгө ашыра алат?
- Жергиликтүү салыктардан жана жыйымдардан, салыктык эмес төгүмдөрдөн алынуучу жергиликтүү бюджеттердин кирешелери башка деңгээлдин бюджеттерине алынууга тийишпи?
- Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутуму – бул ...
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджети – бул...
- Категориялуу гранттар – бул ...
- Жергиликтүү бюджеттин чыгашалары – бул...
- Жергиликтүү салыктык эмес төгүмдөрдү жыйноо кандай жолдо жүзөгө ашырылат?
- Гранттар –бул ...
- Жергиликтүү бюджеттин киреше булактары – бул ...
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизи.
- Бюджеттин орточо мөөнөттүү прогнозунун көрсөткүчтөрү?
- Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүү жана бекитилүү мөөнөттөрү.
- Мамлекет тарабынан кепилдик берилген жергиликтүү бюджеттин чыгымдарынын айрым түрлөрүн финансылоо үчүн акысыз жана кайтарымсыз негизде республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттер – булар...
- Кандай учурда бюджеттен тышкаркы фонд түзүүгө тыюу салынат?
- Үлүштүк (дем берүүчү) гранттар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кандай жолдо берилет?
- Административдик-аймактык бирдиктерди түзүү жана жоюу бийликтин кайсы органынын компетенциясына таандык?
- Республикалык маанидеги шаар категориясына кайсы шаарлар кирет?
- Административдик-аймактык бирдиктер.
- Административдик-аймактык бирдиктерди жана калктуу конуштарды атоо жана кайра атоонун жүзөгө ашырылуу жолу.
- Республикалык маанидеги шаардын статусу кандай аныкталат?
- Административдик-аймактык бирдиктин административдик борбору ?
- Административдик-аймактык жана аймактык бирдиктердин статистикалык эсебин кайсы орган жүргүзөт?
- Муниципалдык кызматта беш жылдан ашуун жана он жылга жетпеген эмгек стажы болгондо акы төлөнүүчү өргүүгө канча күн кошулат?
- Муниципалдык кызматта он жылдан ашуун жана он беш жылга жетпеген иш стажы болгондо акы төлөнүүчү өргүүгө канча күн кошулат?

- Муниципалдык кызматта 15 жылдан ашуун эмгек стажы болгондо акы төлөнүүчү өргүүгө канча күн кошулат?
- Кыргыз Республикасынын Президенти ким тарабынан жана канча мөөнөткө шайланат?
- Кыргыз Республикасынын кайсы мамлекеттик органы мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде контролдук кылуу милдеттерин жүзөгө ашыруучу өзгөчөлүктүү жогорку орган болуп саналат?
- Жогорку Кеңештин жыйналыштарына Жогорку Кеңештин канча депуттары катышса укуктуу болот?
- Мыйзам чыгаруу демилге укугу кимдерге таандык?
- Кыргыз Республикасынын Президентинин шайлоосун ким дайындайт?
- Кыргыз Республикасында аткаруу бийлигин кайсы органдар ишке алат?
- Кыргыз Республикасынын Президенти кайсы убакта Өкмөттү кызматынан кетирет?
- Эл бийлигинин түздөн-түз мисалдарын көргөзгүлө?
- Референдумга кандай маселелер коюлат?
- Кандай маселелер Конституциялык мыйзамдар менен жөнгө салынат?
- КР Жогорку Кеңешине депутаттарды шайлоодо шайлоо укуктарынын принциптери кандай?
- Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн активдүү шайлоо курагы канча жаштан башталат?
- Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик кандай талаптарга негизделген?
- Кыргыз Республикасында бийлик бөлүштүрүү тутумуна бийликтин кайсы бутактары кирет?
- Саясый иш-аракеттердеги ар түрлүү багыттардын болушу эмне деп аталат?
- “Мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары аныктаган ыйгарым укуктардын чегинен чыга алышпайт” дегендеги бош жерди толуктап жазгыла.
- КР Конституциясынын мартабасын (статусун) кандай конституциялык принциптер аныктайт?
- Укуктук-ченемдик актылардын күчүнө кириши үчүн сөзсүз аткарылчу шарт катары Кыргыз Республикасынын Конституциясында кандай принциптер бекитилген?
- Кандай укуктук-ченемдик акт кайтарма күчкө ээ эмес?
- Адам укугу боюнча эл аралык келишимдердин макамын конституциянын кайсы талаптары мүнөздөйт?
- Кыргыз Республикасы катышуучу болгон мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин конституциялык мартабасы кандай?
- Эл аралык укуктун жалпыга белгилүү талаптары менен ченемдеринин конституциялык мартабасы кандай?
- Кыргызстанда кайсы дин милдеттүү түрдө белгиленген?
- Кыргызстанда кайсы принциптер анын динден тышкары экенин мүнөздөйт?
- Кыргыз Республикасынын аймагы төмөндөгүдөй бөлүнөт...
- Жарандар менен юридикалык жактардын менчигиндеги мүлктөр мамлекеттик менчикке (улутташтырууга) кантип өткөрүлөт?
- Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети кайсы укуктук-ченемдик акт менен бекитилет?
- Жергиликтүү бюджет кайсы укуктук-ченемдик акт менен бекитилет?
- Кандай мыйзамдар кайтарма күчкө ээ эмес?
- Кыргыз Республикасынын Аскер күчтөрү кандай принциптер менен түзүлөт?
- Кыргыз Республикасынын Аскер күчтөрүнүн бөлүктөрүн Кыргызстандын аймагынан тышкары жайгаштырууга уруксат берүүнүн тартиби кандай?
- Кыргыз Республикасынын Конституциясында адамдын укугу менен эркиндигинин кандай мүнөздөмөлөрү киргизилген?
- КР адам менен жарандардын укугу менен эркиндигин чектөөгө жол берилеби?
- КР Конституциясында белгиленген кайсы укуктарга эч кандай чектөө коюлган эмес?
- КР Конституциясында белгиленген кайсы чектөө кепилдиги чексиз мартабага ээдир?
- Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген укуктардын кайсынысы жалаң Кыргыз Республикасынын жарандарына тийешелүү?
- КР Конституциясында белгиленген кайсы укуктар жарандыгына карабай ар бир адамга тийешелүү?
- “Күнөөсүздүк презумпция” деген эмне?
- Кыргыз Республикасынын Конституциясындагы жоопкерчиликтин “бир иш үчүн эки жолу эмес” талаптарынын мазмуну кандай?
- Кыргыз Республикасынын Конституциясында мыйзамдын кайтарма күчкө ээ эместигин таануу боюнча кандай өзгөчө учурлар белгиленген?
- Тынч чогулуштарды өткөрүү үчүн Конституцияда сөзсүз кабарлоо тартиби каралганбы?
- КР Конституциясында адамдын жана жарандын кандай милдеттери бекитилген?
- Элдик курултайдын чечиминин мартабасы кандай?
- Башка жарандыгы бар Кыргыз Республикасынын жарандарына кандай чектөөлөр белгиленген?

- Кыргыз Республикасынын Конституциясында мамлекеттик кызматтын кандай талаптары бекитилген?
- КР сот тутуму эмнелерден турат?
- Кыргыз Республикасынын Президентинин конституциялык-укуктук мартабасы кандай?
- Кыргыз Республикасынын Президенти болуп ким шайлана алат?
- Президентикке талапкер шайлоочулардын канча добушун чогултушу керек?
- Президенттин ишке кирген учуру кантип аныкталат?
- Жогорку Кеңешке шайлоону белгилөө кимдин милдетине кирет?
- Кыргыз Республикасында жарандыкка алуу жана жарандыктан чыгаруу маселелерин ким чечет?
- Өз ыйгарым укуктарын аткаруу үчүн Президент кандай документтерди кабыл алат?
- Кыргыз Республикасынын экс-Президенти наамын алып жүрүүгө ким укуксуз?
- КР Жогорку Кеңешине шайлоо өткөрүү үчүн кандай шайлоо тутуму каралган?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп ким шайлана алат?
- Парламенттик көпчүлүк деген эмне?
- Парламенттик оппозиция деген эмне?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мурунку чакырылышынын депутаттарынын ыйгарым укуктары кайсы учурдан баштап токтотулат?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты кандай иш-аракеттери үчүн жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн?
- КР Конституциясында депутаттык иш-аракеттерге байланышкан кандай чектөөлөр коюлган?
- Императивдик мандат деген эмне?
- Кандай учурларда Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулат?
- КР Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү кимдин ыйгарым укугуна кирет?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кандай ыйгарым укуктарга ээ?
- КР Конституциясында парламенттик оппозиция үчүн кандай кепилдиктер каралган?
- Башка мамлекеттик органдардын укуктук-ченемдик актыларын жокко чыгарууга кимдин укугу бар?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитеттеринин кызматтык милдеттери кандай?
- КР Жогорку Кеңешинин кезексиз сессиясы кимдин сунушу боюнча чакырылат?
- Кыргыз Респубикасынын Жогорку Кеңешинин кезексиз сессиясын ким чакырат?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин отурумдарына кандай кворум белгиленген?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечимин кабыл алуунун тартиби кандай?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өзүн-өзү таркатуу чечимин кабыл алуусунун тартиби кандай?
- КР Жогорку Кеңеши өзүн-өзү таркатканда, кезексиз шайлоо кандай мөөнөттө өткөрүлөт?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өзүн-өзү таркатканда кезексиз шайлоону ким дайындайт?
- Мыйзамдарды кабыл алуу үчүн канча окуудан өткөрүлүшү керек?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши мыйзам кабыл алышы үчүн депутаттардын канча добушу керек?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамды кабыл алышы үчүн добуштардын канча саны керек?
- Мамлекеттик чек араны өзгөртүү мыйзамын кабыл алуу үчүн канча добуш керек?
- Өзгөчө жана аскердик абалдарда кандай тыюу салуулар белгиленген?
- Кандай мыйзамдарга кол коюуда Президенттин вето коюуга укугу жок?
- Жогорку Кеңеште кабыл алынган мыйзам канча мөөнөттө Президентке кол коюуга жөнөтүлүшү керек?
- Мыйзамдарга кол коюуда Президенттин “ветосу” деген эмнени билдирет?
- Президенттин ветосун кабыл албаш үчүн канча добуш керек?
- КР Конституциясында мыйзамдардын күчүнө киришине кандай мөөнөт белгиленген?
- Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин тутумуна кандай органдар кирет?
- Кыргыз Республикасындагы аткаруу бийлигинин жогорку органы ким болуп саналат?
- КР Өкмөтүнүн түзүмүнө кимдер кирет?
- КР аткаруу бийлигин ким иш жүзүнө ашырат?
- КР Өкмөтүнүн курамына кимдер кирет?
- Кыргыз Республикасынын Премьер-министрдин кызмат орунуна талапкерди ким көрсөтүүгө укуктуу?
- Эгер фракция тарабынан Премьер-министрдин кызмат орунуна талапкер сунушталгандан кийин Президент Премьер-министрди дайындоо жөнүндө Жарлык чыгарбаса, анда кандай иш-аракеттер каралган?
- Эгер Конституцияда белгиленген тартип боюнча программа бекитилбесе, Өкмөттүн курамы жана түзүмү аныкталбаса, андан кийин кандай иш-

аракеттер каралган?

- Өкмөт кимге отчет берет?
- Өкмөткө ишеним көрсөтпөө маселесин кароого ким укуктуу?
- Жогорку Кеңештин Өкмөткө ишеним көрсөтпөө чечими менен Президент макул болбогон учурда абал кандайча чечилиши керек?
- Өкмөткө ишеним көрсөтүү жөнүндө маселени Жогорку Кеңешке ким коё алат?
- Жогорку Кеңеш Өкмөткө ишеним көрсөтүүдөн баш тартканда, анын аягы кандай болот?
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы курамы түзүлгөнгө чейин отставкага кеткен Өкмөттүн ыйгарым укуктарын ким аткарат?
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн отставкасын кабыл алуу же четке кагуу укугу кимдин ыйгарым укуктарына таандык?
- Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын дайындоого жана бошотууга ким укуктуу?
- Административдик ведомстволордун жетекчилери дайындоого жана бошотууга ким укуктуу?
- Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин ыйгарым укуктарына эмнелер кирет?
- Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында сөзсүз аткарылууга тийиш болгон укуктук актылар кайсылар?
- КР акыйкат сот ишин ким аткарат?
- Кандай учурларда Кыргыз Республикасынын жарандары акыйкат сот ишин ишке ашырууга катышууга укуктуу?
- Кыргыз Республикасынын Конституциясында сот ишин жүргүзүүнүн кандай түрлөрү каралган?
- КР сот тутуму эмнелерден турат?
- Кыргыз Республикасынын Конституциясында кандай сотторду түзүүгө тыюу салынган?
- Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык ким кол тийбестик укугуна ээ?
- Тийешелүү сот иши боюнча судья кимдин алдында тактама (отчет) бериши керек?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы болуп кимдер шайлана алат?
- Жергиликтүү сот болуп кимдер дайындала алат?
- Жергиликтүү соттун судьясы болуп иштөө жашынын акыркы чеги канча?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы болуп иштөө жашынын акыркы чеги канча?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук актыларын кайра кароону ким ишке ашырат?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарым укуктары кандай?
- Кайсы орган тарабынан конституциялык көзөмөл ишке ашырылат?
- КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин ким кайра карай алат?
- Кыргыз Республкасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы тарабынан мыйзамдардын Конституцияга туура келбегени аныкталган учурда анын аягы эмне болот?
- Кыргыз Республикасынын Сот тутумунун бюджети ким тарабынан түзүлөт?
- Кайсы органдар соттук өз алдынча башкаруу тутумуна кирет?
- Сотторду тартиптик жоопкерчиликке тартуу маселесин кароо кимдин ыйгарым укугуна жатат?
- Кайсы орган соттук өз алдында башкаруунун баштапкы органы болуп саналат?
- Аткаруу бийлигинин органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын кызмат адамдары тарабынан мыйзамдардын так жана бирдиктүү аткарылышына көзөмөлдүктү кайсы мамлекеттик орган жүргүзөт?
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ыйгарым укуктарына эмнелер кирет?
- Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук комиссиянын ыйгарым укуктарына эмнелер кирет?
- КР адамдын жана жарандын укугу менен эркиндигинин сакталышына парламенттик көзөмөлдү кайсы орган ишке ашырат?
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тутумуна эмнелер кирет?
- Кайсы органдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аткаруу органдары болуп саналат?
- Жергиликтүү салыктар менен жыйымдарды ишке ашыруу укугу кимдердин укугуна жатат?
- Мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүү үчүн эмне укуктук негиз боло алат?
- Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликтин булагы ким болуп саналат?
- Кайсы мамлекеттик орган салыктарды белгилөөгө укуктуу?
- Кыргыз Республикасынын Президентине талапкерлерге жаш өлчөмү боюнча кандай чектөөлөр коюлган?
- Кандай учурларда Президенттин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн?
- Президент өз ыйгарым укуктарын аткара албай калган учурда жаңы Президент шайланганча анын ыйгарым укуктарын ким аткарат?

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши канча депутаттан турат?
- Шайлоонун жыйынтыгы боюнча көпчүлүк добушка ээ болгон саясый партияга канча депутаттык мандат берилет?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ыйгарым укуктары кайсы убактан башталат?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын чакырып алууга жол берилеби?
- Референдум өткөрүү боюнча кайсы мамлекеттик орган чечим кабыл алууга укуктуу?
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы кимге тактама (отчет) берет?
- Мыйзам чыгаруу демилге укугу кимге тийешелүү?
- Премьер-министрди жана Өкмөттүн мүчөлөрүн ким дайындайт?
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иш-аракетин уюштуруу жана анын тартиби кандай укуктук-ченемдик акты менен аныкталат?
- КР Өкмөтүнүн чечимдери кандай укуктук-ченемдик акты менен кабыл алынат?
- Административдик-аймактык бирдиктеги тийешелүү аймакта аткаруу бийлигин ким ишке ашырат?
- Жергиликтүү соттордун кызмат ордуна талапкерлерди кимдер тандайт, аларды дайындоону жана орун которуусун (ротация) кимдер ишке ашырат?
- Жергиликтүү сотторду кызматынан кимдер четтетет жана бошотот?
- Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө Мыйзам эмнеге багытталган?
- Жарандын кайрылуусу – бул...
- Жарандын сунушу – бул ...
- Арыз – бул...
- Даттануу – бул...
- Жекече кайрылуу – бул...
- Жамааттык кайрылуу – бул...
- Мамлекеттик бийлик органдарынын, ЖӨБ органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын жарандардын кайрылууларын кароо боюнча иштеринин негизги принциптери төмөндөгүлөр болуп саналат:
- Мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга кимдер укуктуу?
- Жарандардын кайрылуулары кимдин эсебинен каралат?
- Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө Мыйзам кайсы кайрылууларга жайылтылбайт?
- Жаран өзүнүн жазуу жүзүндөгү кайрылуусунда эмнелерди милдеттүү түрдө көрсөтөт?
- Мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кайрылуулардын маани-маңызы боюнча чечим кабыл алууга ыйгарым укуктуу кызмат адамдары жана жетекчилери жарандарды кандай мөөнөттө кабыл алууну өткөрүүгө милдеттүү?
- Оозеки кайрылууда айтылган маселе өзү кабыл алуу учурунда чечилбесе кандай тартипте каралат?
- Эгерде кайрылууда аларды чечүү ушул мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын компетенциясына кирбеген маселелер камтылса, жаранга кандай түшүнүк берилет?
- Кайсы жарандар кезексиз кабыл алынуу укугуна ээ?
- Жазуу жүзүндөгү кайрылуу мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына же кайрылууда коюлган маселелерди чечүү компетенциясына кирген кызмат адамына келип түшкөн учурдан тартып канча мөөнөттө милдеттүү түрдө катталууга тийиш?
- Мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына же компетенцияларына ылайык кызмат адамына келип түшкөн жазуу жүзүндөгү кайрылуу жазуу жүзүндөгү кайрылуу катталган күндөн тартып канча мөөнөттө каралат?
- Кайсы учурда даттанууларды чечүү мөөнөттөрү узартылышы мүмкүн?
- Даттанууларды чечүү мөөнөттөрү демейдегиден башкача тартипте канча мөөнөткө узартылышы мүмкүн?
- Даттанууларды чечүү мөөнөттөрүн узартуу жөнүндө чечимди ким кабыл алат?
- Жазуу жүзүндөгү кайрылууда коюлган маселелерди чечүү бир нече мамлекеттик органдардын компетенциясына тиешелүү болгон учурда кайрылуунун көчүрмөсү канча мөөнөттө тийиштүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлөт?
- Жарандардын кайрылуулары кантип берилиши мүмкүн?
- Жарандар кайсы тилде кайрылууга укуктуу?
- Жарандардын жазуу жүзүндөгү кайрылууларына жооптор кайсы тилде берилет?
- Жарандардын кайрылуулары кимдер тарабынан каралат?
- Жазуу жүзүндөгү кайрылуулар кандай учурда чечилди деп эсептелинет?
- Жамааттык кайрылууга карата жооп кимдин дарегине жөнөтүлөт?
- Эгерде кайрылуунун текстин окууга мүмкүн болбосо, кандай чара көрүлөт?
- Соттун чечимине даттанган кайрылуу кимге кайтарылат?

- Жарандардын кандай кайрылуусу тоголок кат деп таанылат?
- Жарандардын тоголок каттары кандай тартипте каралат?
- Жаран өзүнүн жазуу жүзүндөгү кайрылуусунан баш тарткан учурда мындай кайрылууну карап жаткан мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызмат адамы кандай чечим кабыл алат?
- Кайсы кайрылуулар каралууга жатпайт?
- Жаңы жүйө-далилдер же жаңы ачылган жагдайлар каралууга тийишпи?
- Жаран кайрылууну кароонун натыйжасы боюнча алынган чечимге канааттанбаган учурда ал эмнеге укуктуу?
- Кандай учурларда жаранды же болбосо анын жакын туугандарын куугунтуктоого тыюу салынат?
- Мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына же кызмат адамына кайрылганына байланыштуу жаранды же болбосо анын жакын туугандарын куугунтуктоо эмнени кириптер кылат?
- Кайрылууну караганда эмне кылууга жол берилбейт?
- Кайрылуунун жыйынтыктары боюнча төмөндөгүдөй кайсы чечимдердин бири кабыл алынат?
- Кайрылуу боюнча чечим кандай болууга тийиш?
- Кайрылууну кароонун натыйжалары жөнүндөгү кабар менен бирге арыз ээсине эмне кайтарып берилет?
- Кайрылууну караган учурда жаран төмөндөгүлөргө укуктуу.
- Жарандын кандай кайрылууну берүүсү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартууга алып келет?
- Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана кызмат адамдары өзүнүн компетенциясынын чегинде:
- Эгерде жаран кайрылууда билип туруп жалган маалыматтарды көрсөтсө эмне болот?
- Биринчи жолу кызматка кабыл алынган кызматкердин эмгек китепчеси кандай мөөнөттө толтурулат?
- Кандай документте жумуш берүүчү тарабынан эмгек китепчесине киргизилген жазуулар менен таанышкандыгы жөнүндө кызматкерден кол тамга алынат?
- Эмгектин кандай ченемдери бар?
- Кандай учурларда жарандарды иштерди аткарууга мажбурлап тартууга жол берилет?
- Кызматкердин макулдугусуз, мөөнөтсүз мезгилге түзүлгөн эмгек келишимин мөөнөттүү мезгилге эмгек келишими кылып кайрадан түзүүгө жол берилеби?
- Кандай учурларда кызматкер ишинен четтетилет?
- Кызматкерлерди массалык бошотуу коркунучу жаралганда жумуш берүүчү алдын ала кандай чараларды колдонушу керек?
- Кош бойлуу аялдарды өргүүдөн чакырып алууга жол берилеби?
- Өргүүсүнүн башталган убактысы жөнүндө кызматкер өргүү башталардан канча мөөнөт мурда кабарланышы керек?
- Биринчи эмгек жылында жумушчуга эмгек өргүүсү качан берилет?
- Уюмдун кайра түзүлгөнүнө байланыштуу кызматынан бошотулган жумушчу жеңилдик жана компенсация алуу үчүн кандай мөөнөттө жумуш издеген адам катары жумуш берүүчү мамлекеттик органга катталышы керек?
- Кайсы кызматкерлерге жыл сайынкы эмгек өргүүсү үчүн акчалай компенсация төлөөгө жол берилбейт?
- Адистигин жогорулатууга жиберилген жумушчуларга кандай кепилдиктер каралган?
- Тартиптик жаза кандай мөөнөттүн ичинде берилет?
- Жумушчуну кызматтык иш сапарга жөнөткөндө жумуш берүүчү кандай чыгымдардын ордун толтуруп бериши керек?
- Тартиптик жазанын күчүнүн мөөнөттүк узактыгы канча?
- КР Эмгек кодекси боюнча зыяндуулукту толтуруунун кандай түрлөрү каралган?
- Кызмат учурунда алган майыптыктан улам эмгекке жарамсыздык деңгээлин кимдер аныктайт?
- Мыйзамдарда, уставдарда жана жоболордо каралбаган тартиптик жаза чараларын өзгөчө учурларда колдонууга жол берилеби?
- Тарткан зыянын толтуртуу үчүн жумушчу кимге арыз берет?
- Жумуш берүүчү кандай мөөнөттө зыяндын ордун толтуруу жөнүндөгү арызды карап, ал боюнча чечим кабыл алууга милдеттүү?
- Майыптарды ишке орноштурууну ким камсыз кылат?
- 2 айлык мөөнөткө ишке алынып жаткан адамга сыноо мөөнөтү белгиленеби?
- 2 айлык мөөнөткө эмгек келишимин түзгөн жумушчуларга төлөнүүчү эмгек өргүүсү канча мөөнөткө берилет?
- Сезондук иштердин эң узак мөөнөтү канча?
- Кепилдиктер менен компенсацияларды алуу үчүн эмгек стажын эсептөөнүн жана белгилөөнүн тартибин кимдер аныктайт?
- Уюм банкрот болгондо бардык жумушчулар менен эмгектик карым-катнашты бузуу кандай учурларда

жүргүзүлөт?

- КР аймагындагы бардык уюмдардагы эмгек жөнүндөгү мыйзамдардын жана укуктук-ченемдик актылардын сакталышына көзөмөлдүктү жана контролду кайсы мамлекеттик орган жүргүзөт?
- Уюмдун жетекчиси жаранды ооз эки буйруу менен кызматка киргизди. Ушул көрсөтүлгөн жагдайда тараптардын эмгектик мыйзамдуу иш-аракеттери жаралабы?
- Уюмдун менчиктик түрү алмашылганда Жамааттык Келишим өзүнүн күчүн сактайт.
- Кызматкер катардагы же альтернативдик аскердик кызматка чакырылганда иштен чыгуу жөлөк пулу төлөнөбү?
- Толук эмес иш күнү жумушчунун эмгектик укугуна таасирин тийгизеби?
- Жеке ишкер катары катталган, мөөрү бар жумуш берүүчү – жеке жак кызматкерлердин эмгек китепчелерине жазуу киргизүүгө (маалыматтар жазууга) укугу барбы?
- Кокустуктан улам баккан адамы каза болгондогу бир жолу берилүүчү жөлөк пулдун көлөмү канча?
- Эмгектин жаңы ченемдерин кайра карооо эмнелер негиз боло алат?
- Эмгектин жаңы ченемдери киргизилгендиги тууралуу кызматкер кандай мөөнөттө маалымданышы керек?
- Эмгек ченемдерин алмаштыруунун жана кайра кароону киргизүүнүн тартиби кандай?
- Жумушчулардын эмгек акысын төлөө боюнча мамлекеттик кепилдиктердин бири эмне болуп эсептелет?
- Ар бир эмгек акы төлөөдөгү кармап калуулардын жалпы көлөмү канча?
- Туура эмес эсептөөдөн улам жумушчуга ашыкча төлөнгөн сумманы эсептелген эмгек акыдан кармап калууга жумуш берүүчүнүн акысы барбы?
- Белгиленген ченемден ашык иштегендиги үчүн акы төлөөнүн тартиби кандай?
- Ишкана жоюлгандан же кайра түзүлгөндөн улам ишинен бошотулган жумушчуга эмгек келишиминин бузулушуна байланыштуу төлөнүүчү чыгуу жөлөк пулунун көлөмү канча?
- Өргүү төлөмү үчүн күнүмдүк эмгек акыны эсептөөдө кандай мезгил төлөмдүк эсепке алынат?
- Кыргыз Республикасында эмгек акы төлөөнүн кандай түрлөрүнө жол берилет?
- Эмгек акы төлөөнүн мөөнөттөрү кандай?
- Эмгек шарты кыйла өзгөргөндүгү тууралуу жумуш берүүчү кандай мөөнөттө жумушчуга билдириши керек?
- Жумушчунун негизги жумушунан тышкаркы эмгек келишиминин шартында туруктуу төлөнүүчү иште эмгектенгендиги эмне делет?
- Беш жылга түзүлгөн эмгек келишиминин мөөнөтү аяктап, бирок эки тарап тең келишимди бузуу тууросында сөз кылбай, ал эми жумушчу өз ишин уланта берсе, анда эмгек келишими менен эмне болот?
- Кандай учурларда жумушчу менен кыска мөөнөттөгү эмгек келишими түзүлүшү мүмкүн?
- Кызматка кабыл алуу буйругу кандай мөөнөттө түзүлөт?
- Эмгек келишими мыйзамсыз деп табылган учурда натыйжасы кандай болот?
- Сыноонун жыйынтыгы канааттандырарлык эмес деп таанылганда эмгек келишимин бузуунун тартиби кандай?
- Кандай учурларда жумуш берүүчү жумушчуга эмгек китепчесин ачууга милдеттүү?
- Эмгек китепчесине кандай маалыматтар киргизилет?
- Эмгек келишими токтотулганда жумушчуга эмгек китепчеси канчалык мөөнөттө берилет?
- Ишинин акыркы күнүндө жумушчунун ордунда болбогонунан улам эмгек китепчеси берилбей калган учурда, жумуш берүүчү эмне кылышы керек?
- Салык айкындамасын толтуруу үчүн жумушчу мурунку иштеген мекемесинен алган эмгек акысы жана иштеген мезгили жөнүндө маалым кат берүүсүн өтүнүп мурунку иштеген жерине кайрылды. Сураган документти жумуш берүүчү канча мөөнөттө берүүгө милдеттүү?
- Кандай жумушчулар үчүн жумуш убактысынын кыскартылган мөөнөтү белгиленет?
- Жумуш берүүчү алардын өтүнүчү боюнча, кандай кызматкерлердин категориялары үчүн толук эмес жумуш күнүн же толук эмес эмгек жумасын белгилөөгө милдеттүү?
- Белгиленген ченемден ашык иштерди жөнгө салуунун эрежеси кандай?
- Белгиленген жумушчу күндүн убактысы жумушчуларга кандай мөөнөттө маалымдалышы керек?
- Кандай документтердин жардамы менен жумуш убактысынын эсеби жүргүзүлөт?
- Жумушчу күндүн ичиндеги эс алууга жана тамактанууга берилген танапистин узактыгы канчылык?
- Дем алыш жана жумушчу эмес майрам күндөрү иштегендик үчүн төлөмдөрдүн көлөмү канча болот?
- Жыл сайынкы негизги төлөнүүчү эмгек өргүүсүнө укук берер кайсы мезгилдер жумушчу жылга киргизилет?
- Тынымсыз иштөөнүн 11 айы өтө электе жумушчулардын кайсы категорияларына алардын арызы

боюнча төлөнүүчү биринчи жылдагы өргүүсү берилиши керек?

- Өргүү кандай документтер менен ырасталат?
- Бериле турган төлөнүүчү өргүүлөрдүн кезектүүлүгү кандай документтер менен белгиленет?
- Жыл сайынкы төлөнүүчү өргүүлөрдүн туура тартибин көрсөткүлө.
- Жумуш берүүчүнүн жумушчуга өргүүсүнүн башталышы жана өргүү төлөмүн эскертүү мөөнөтүн бузгандыгы эмнеге алып келет?
- Жыл сайынкы төлөнүүчү өргүүнү бөлүккө бөлгөн учурда анын бир бөлүгүнүн эң төмөнкү узактыгы канча болот?
- Жыл сайынкы төлөнүүчү өргүүнү акчалай төлөм менен алмаштырууга жол берилеби?
- Жумушчуга өргүү берүү менен андан ары жумуштан бошотулса, кайсы күн анын жумуштан бошотулган күнү болуп эсептелет?
- Бала багуу үчүн берилчү өргүүнүн узактыгы канчалык?
- Тартиптик жаза берүүнүн туура жолдору кандай?
- Тартиптик жаза берилгендиги тууралуу буйрук жумушчуга кайсы мөөнөттө жарыяланышы керек?
- Эмгек келишими токтогондо жумушчуга тиешелүү сумма кандай мөөнөттө төлөнүп берилиши керек?
- Төлөмдөрдү, айлык акыларды, өргүү төлөмүн жана башка төлөмдөрдүн мөөнөтүн бузган жумуш берүүчүгө кандай санкциялар каралган?
- Кайсы төлөмдөрдөн кармап калууга болбойт?
- Кандай учурларда жумушчунун жумушчу орду (кызмат оруну) жана негизги иш ордундагы орточо айлык акысынын сакталышына кепилдик берилет?
- Кызматтык иш сапарга байланышкан чыгымдардын кайсынысы жумушчуга төлөнүп берилет?
- Багуучусу (жабырлануучу) каза болгондо берилүүчү бир жолку жөлөк пулдун көлөмү канча?
- Кандай учурда өкүлчүлүктүү органдын мүчөсү болгон кызматкерди, ошол тийешелүү өкүлчүлүктүү органдын алдын ала макулдугу болмоюнча, кызматтан бошотууга жол берилбейт?
- Жумушчуну ошол эле уюмдагы башка ишке которгондо ага карата сыноо мөөнөтүн белгилөөгө болобу?
- Жумушчу келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттө өзүнүн кызматтык милдеттерине киришпесе, кандай кесепеттер келип чыгат?
- Кандай учурларда жумуш берүүчүнүн демилгеси менен эмгек келишимин бузууга мүмкүн?
- Жумушчунун ишине алкоголдук, наркотикалык же токсикалык мас абалында келгени эмне менен далилдениши мүмкүн?
- Кандай учурларда жумуш берүүчүнүн демилгеси менен кош бойлуу аял менен түзүлгөн эмгек келишимин бузууга жол берилет?
- Эки ишти бирге аткаруу шартындагы эмгектенгендердин жумуш күнүнүн узактыгы канча?
- Коомдук мамилелерди жөнгө салуучу укуктук-ченемдик актылардын жыйындысы эмне деп аталат?
- Ошол эле бирдей коомдук мамилелерди жөнгө салуучу укуктук-ченемдик актылардын бири-бирине дал келбей (каршы чыгып) калышы эмне деп аталат?
- Укуктук-ченемдик актыларды кабыл алганга ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган,(кызмат адамы), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы эмне деп аталат?
- Айрым адамдардын тобуна жана бир нече жолу колдонулууга эсептелген жалпыга милдеттүү болгон жүрүм-турумдун эрежеси эмне болуп эсептелет?
- Укуктук-ченемдик актылардын долбоорлорун даярдоонун эрежелик тутуму эмне деп аталат?
- Эл аралык укуктун талаптары менен ченемдеринен, мамлекеттин аракеттеги укуктук тутумунун мааниси менен мазмунуна шайкеш келер укуктук ченемдин жоктугу эмне деп аталат?
- Укуктук-ченемдик акты деп эмнени түшүнөбүз?
- Ченемдерди чыгаруучу иш-аракет кандай талаптардын негизинде жүргүзүлөт?
- Укуктук-ченемдик актылар кандай түрлөргө бөлүнөт?
- Кайсы мамлекеттик органдар (кызмат адамдары) ченем иштеп чыгуучуларга жатат?
- Кайсы укуктук-ченемдик акт эң төмөнкү юридикалык күчкө ээ?
- Кайсы укуктук-ченемдик акт эң жогорку юридикалык күчкө ээ?
- Укуктук-ченемдик актынын мамлекеттик тилде жазылганы менен расмий тилде жазылган текстеринин ортосунда ажырым чыгып калганда жыйынтыгы кандай болот?
- Ченемдерди чыгаруу ыйгарым укугун өткөрүүнүн төмөндө көрсөтүлгөндөрүнүн кайсынысы чындыкка жатпайт?
- Укукту өткөрүп берүү актысы эмнелерди камтыйт?
- Кандай учурларда кабыл алынган укуктук-ченемдик актынын күчү ал кабыл алынганга чейин болгон карым-катнашка жайылтылышы мүмкүн?
- Укуктук-ченемдик актыны токтотуу кандай катардык тартип менен ишке ашырылат?
- Укуктук-ченемдик актыдагы Конституцияга болгон шилтеме кандайча түзүлөт?

- Укуктук-ченемдик актыдагы кодекс менен мыйзамдарга болгон шилтеме кандайча түзүлөт?
- Укуктук-ченемдик актыдагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна шилтеме кандайча түзүлөт?
- Кандай учурларда укуктук-ченемдик актыларга киргизилген өзгөртүүлөр жана (же) толуктоолор укуктук-ченемдик актынын жаңы редакциясы түрүндө кабыл алынат?
- Мыйзам долбоорун мерчемдөө иштери кайсы орган тарабынан бекитилет?
- Кайсы укуктук-ченемдик актылардын долбоорлору иреттүүлүк (регулятивный) таасири боюнча талданууга жатат?
- Мамлекеттин кирешесинин азайышын же чыгашасынын көбөйүшүн караган маселе боюнча алына турган ченемдик акт кайсы мамлекеттик орган менен макулдалышы керек?
- Ишкердик чөйрөсүнүн иш-аракетин жөнгө салууга багытталган ченемдик актылар кайсы мамлекеттик орган менен макулдалышы керек?
- Кайсы укуктук-ченемдик актылардын долбоору коомдук талкууга алынышы керек?
- Укуктук-ченемдик актылардын долбоорлорун коомдук талкуулоо үчүн канча мөөнөт белгиленген?
- Укуктук-ченемдик актынын долбоорун кароонун жыйынтыгы боюнча ченем чыгаруучу орган кандай чечим кабыл алууга укуктуу?
- Конституциялык мыйзамдарды, кодекстерди жана мыйзамдарды каттоону кайсы орган ишке ашырат?
- Кыргыз Республикасынын укуктук-ченемдик актыларынын Мамлекеттик реестрине кандай актылар киргизилет?
- КР укуктук-ченемдик актыларынын Мамлекеттик реестрин жүргүзүүнү кайсы орган ишке ашырат?
- КР укуктук-ченемдик актыларынын Мамлекеттик реестрине укуктук-ченемдик актынын кирбей калышы кандай укуктук натыйжага алып келет?
- Укуктук-ченемдик актылардын расмий жарыяланышынын датасы кайсы деп таанылат?
- Укуктук-ченемдик актылардын расмий жарыяланышынын кайсы эрежеси чындыкка жатпайт?
- Жарлыктын өзүндө башкасы көрсөтүлбөсө, Президенттин Жарлыгы күчүнө качан кирет?
- Токтомдун өзүндө башкасы көрсөтүлбөсө, Өкмөттүн токтому күчүнө качан кирет?
- Ишкердик иш-аракетти жөнгө сала турган укуктук-ченемдик актылар күчүнө кайсы убактан баштап кирет?
- Укуктук-ченемдик актыларды расмий түшүндүрүүнү ким ишке ашырат?
- Карама-каршылыктарды чечүүнүн тартиби кандай?
- Мыйзамдын ченеми кодекстин ченемдерине каршы келип калган кайсы учурларда мыйзамдын ченемдери колдонулушу мүмкүн?
- Бирдей юридикалык күчкө ээ укуктук-ченемдик актылардын ортосундагы карама-каршылыктар, эгер экөө тең андан да күчтүү актыга карама-каршы келбесе, кандай жол менен чечилет?
- Укуктук-ченемдик актылардагы кемчиликтер кантип оңдолот?
- Укуктук-ченемдик актылардын ишке ашышын кайсы органдар көзөмөлдүккө алат?
- Укукутук-ченемдик актылардын так жана бирдей аткарылышына көзөмөлдү кайсы органдар ишке ашырат?
- КР аймагында ССCРдын укуктук-ченемдик актыларынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген бөлүктөрү колдонулабы?
- Мамлекеттик органдагы документациялык башкарууну камсыздоо ишин (иш кагаздарын жүргүзүүнү) уюштурууну жана анын абалы туурасында ким жоопкерчилик тартат?
- Документтердин кандай реквизиттери сөзсүз болушу керек?
- Документтерди даярдоо жана тариздөө процессинде милдеттүү реквизиттердин курамы кошумча реквизиттер менен толукталышы мүмкүнбү?
- КР мамлекеттик герби бланкка кайсы ченемдик-укуктук актыга ылайык жайгаштырылат?
- Документтин түрүнүн аталышы кандай басылат?
- Эки же андан көп мекемелер биргелешип чыгарган документтерге кандай дата коюлушу керек?
- Буйруктарды, тескемелерди, чечимдерди, протоколдорду жана финансылык документтерди тариздөөдө датаны тариздөөнүн кандай ыкмасы колдонулат?
- Экинчи, үчүнчү жана төртүнчү даректерди белгилөөнүн алдында “көчүрмө” деген сөз көрсөтүлөбү?
- Документтин тексти кандай түрдө таризделет?
- Документтин биринчи бөлүгүндө эмнелер аталат?
- Документке коюлган мөөрдүн тагы (изи) кандай басылат?
- Кат бланкы кандай реквизиттерден турат?
- Реквизиттер узата жайгаштырылганда алар кандай тартипте басылат?
- Документтерди басып чыгаруу жана тариздөөдө

кайсы гарнитуранын арибы колдонулат?

- Уюштуруу-тескөө мүнөздөгү чечимдер кайсы документ менен таризделет?
- Каттоо-көзөмөлдөө формалары кандай болуп бөлүнөт?
- Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби кайсы мыйзамда белгиленген?
- Жарандардын кайрылуулары канча күндүн ичинде каралууга тийиш?
- Иштердин номенклатурасы эмнеге арналган?
- Жеке бийлик талабындагы чыгарылган тескөөчү документтерде тексти жазуунун кандай формасы колдонулат?
- Протоколдордо текстти жазуунун кандай формасы колдонулат?
- Аталыштарда эмнелер болуш керек?
- Таркатылчу документте эмнелер болбошу керек?
- Документти даректөөдө көрсөтүлүштөрдүн тартиби кандай болушу керек?
- Документтерди жарандардын дарегине жиберүүдө эмнелер сөзсүз болушу керек?
- Документтин датасы болуп саналат.
- Кызматтык документте «кол тамга» коюлушу.
- Комиссия түзгөн документтерге кол тамга коюуда «кол тамга» катары кандай ырааттуулукта болушу керек?
- Документти тескөөчү документ кылып бекиткенде кандай ырааттуулук сакталышы керек?
- Документтин тиркемесинин бар экендиги кандайча белгиленет?
- Документтерде «көзөмөлдөө» белгисинин коюлуш тартиби кандай?

# Мен – жергиликтүү кеңештин депутатымын

## Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын 150 суроосуна жөнөкөй жооптордун жыйнагы

***Өнүктүрүү саясат институту жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын суроолоруна жооптордун жыйнагын даярдап жатат. Бул суроо-жооп жыйнагы 2012 – 2013-жылдары шайланган жергиликтүү кеңештин депутаттары туш болгон чыныгы суроолорго жана маселелерге негизделген. Суроолор жергиликтүү жамааттардын жашоосу менен байланышкан темалардын кеңири чөйрөсүн камтыйт, анын ичинде депутаттардын укуктары жана милдеттери, муниципалдык каржы жана ресурстар бар. Жооптор жалпак тилде даярдалган. Анткен менен алар 2013-жылдын июлунда иштеп жаткан мыйзамдарга таянат. Жооптор уникалдуу автордук жамаат тарабынан даярдалды. Алар: мыйзамдар боюнча адис Орозбаев Б.; муниципалдык каржы жана бюджеттер аралык мамилелер боюнча адис Чекиров А.; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мурдагы жетекчиси, айыл өкмөтүнүн башчысы катары 12 жылдык тажрыйбасы бар Эсенбеков С. Мындай курам жооптордун сапатын, толуктугун жана практикалык баалуулугун кепилдейт.***

***Журналдын бул санында биз жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын суроолоруна айрым жоопторду жарыялап жатабыз. Ал эми жыйнактын толук варианты 2013-жылдын сентябрь айында кыргыз жана орус тилдеринде даяр болмокчу.***

### *1. Депутат мамлекеттик уюмдардын жана мекемелердин кадр саясатына кийлигише алабы?*

Кийлигише албайт. Айылдык аймактын жана шаардын аймагында жайгашкан мамлекеттик уюмдардын жана мекемелердин кызмат орундарына адамдарды дайындоо, бошотуу, дайындоого жана бошотууга макулдук берүү, дайындоо үчүн талапкерди көрсөтүү жергиликтүү кеңештин компетенциясына кирбейт.

Атүгүл жергиликтүү кеңештин депутаттарына айылдык аймактын жана шаардын аймагында жайгашкан уюмдардын, мекемелердин жана ишканалардын менчик формасына карбастан каржы-чарбалык жана оперативдүү-чарбалык ишмердигине кийлигишүүгө тыюу салынат.

### *2. Жергиликтүү кеңештин ар бир токтомун жарыялоо милдеттүү болуп эсептелинеби? Муну кайсы каражаттын эсебинен каржылаш керек?*

Конституцияга жана “КР ченемдик-укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамга ылайык, бардык мыйзамдар жана ченемдик-укуктук акттар күчүнө кириши үчүн милдеттүү түрдө массалык маалымат каражаттарында расмий жарыяланыш керек, ошондой эле юстиция органдарында ченемдик-укуктук актылардын Реестрине кошулуш керек (КР Конституциясынын 6-бер., 4-б.).

Айылдык кеңештин токтому ченемдик-укуктук актылардын катарына кирет, ошондуктан милдеттүү түрдө ММКда (жергиликтүү гезиттерде) жарыяланыш керек же жергиликтүү кеңештин интернет сайтында (эгер бар болсо) жайгаштырылышы абзел. Жергиликтүү кеңештин токтомдорун жарыялоо үчүн депутаттар жергиликтүү бюджетти түзүүдө жана бекитүүдө зарыл болгон каражатты “башка чыгашалар” категориясына киргизип коюуга укуктуу.

Күчүнө кириши үчүн жергиликтүү кеңештердин кабыл алынган токтомдору айылдык аймакта, шаарда таратылган гезиттерде жарыяланса болот; аларды, эгерде бар болсо, жергиликтүү кеңештин интернет сайтында жайгаштырууга уруксат берилет. Жергиликтүү кеңештин токтомдорун сөзсүз эле "Эркин-Тоо" гезитинде жарыялоо, же Өкмөттүн, Жогорку Кеңештин жана Юстиция министрлигинин сайтында жайгаштыруу керек эмес.

Ченемдик-укуктук актылар мамлекеттик жана расмий тилдерде кабыл алынат жана жарыяланат. Бирок жергиликтүү кеңештерге "КР ченемдик-укуктук актылары жөнүндө" мыйзам менен эгерде айылдык аймактын же шаардын аймагында мамлекеттик тилди билген жарандардын саны басымдуулук кылса, өз токтомдорун жалгыз гана мамлекеттик тилде кабыл алууга жана жарыялоого уруксат берилет. Анткен менен ченемдик-укуктук актылы жалгыз гана мамлекеттик тилде жарыялоо үчүн жергиликтүү кеңештин тиешелүү чечими зарыл.

### *3. Айыл өкмөтү депутаттарга отчет тапшыруу жана шайлоочулар менен жолугушуу үчүн (шайлоочуларды кабыл алуу үчүн иш орду) шарттарды түзүп берүүгө милдеттүүбү?*

Жергиликтүү кеңештин депутаттарына өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусу үчүн көмөк көрсөтүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары – айыл өкмөтү жана мэрия жергиликтүү кеңештин сессияларын, туруктуу/убактылуу комиссиялардын жыйындарын өткөрүү үчүн жай берүүгө жана зарыл болгон шарттарды түзүп берүүгө милдеттүү. Колдо болгон учурда аткаруу органдары жарандарды кабыл алуу үчүн депутаттарга өзүнчө бөлмө бөлүп берүүгө, кошумча бөлмө жок болгон учурда жыйындар залын тоскоолдуксуз пайдалана алуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө милдеттүү.

Жергиликтүү кеңештердин ишин уюштурууучулук жактан камсыз кылуу, туруктуу комиссияларга жана депутаттарга жардам көрсөтүүгө зарыл материалдарды даярдоо үчүн шаарлардын кеңештери менен райондук кеңештери Өкмөт тарабынан аныкталуучу типтүү ченемдердин негизинде өзүнүн аппараттарын түзүүгө укуктуу. Жергиликтүү кеңештердин аппараттарынын ишмердигин материалдык-техникалык жактан камсыздоо (жай, эмерек, канцтоварларды берүү, башка шарттарды түзүү) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына (айыл өкмөтү, мэрия) жүктөлөт. Ал эми жергиликтүү кеңештердин биргелешкен жыйындарын материалдык-техникалык жактан камсыздоо райондук мамлекеттик администрацияга – акимиатка жүктөлөт ("Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамдын 35-беренеси).

Депутат отчетторду тапшыруу жана шайлоочулар менен жолугушуу үчүн зарыл болгон шарттар менен камсыздалат. Жергиликтүү кеңеш депутаттардын шайлоочулар алдында отчет берүүсүнүн болжолдуу мөөнөттөрүн аныктап, аларды отчет үчүн зарыл болгон маалыматтык материалдар менен өз убагында камсыздайт.

Айыл өкмөтүнүн аппараты, шаардык кеңештин аппараты, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясы, депутаттын отчету жасала турган жарандардын бириккен органдары чогулуштарды өткөрүү үчүн жай бөлүп берип, өтө турган убактысы жана жери тууралуу шайлоочуларды кабардар кылып, ошондой эле депутатка шайлоо округунда анын ишине көмөктөшө турган башка чараларды кабыл алышат.

Депутаттардын отчетторун жана шайлоочулар менен жолугушууларын массалык маалымат каражаттары чагылдырат. Депутаттардын шайлоочулар алдында отчет берүүсү менен байланыштуу чыгашалар жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен жүзөгө ашырылат ("Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын макамы жөнүндө" Мыйзамдын 16-беренеси).

Мындан тышкары жергиликтүү кеңештин депутаты ага түшкөн сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды карап чыгат, алар боюнча туура жана өз убагында чечим кабыл алуу үчүн чара көрөт, жарандарды кабыл алат.

### *4. Жергиликтүү кеңеш жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен депутаттарды адистигин жогорулатуу боюнча курстарга жибере алабы?*

Мыйзамдарда жергиликтүү кеңештердин депутаттарын окутуу каралган эмес. Мамлекет тарабынан жергиликтүү кеңештердин депутаттарын окутууну уюштуруу механизмдери иштелип чыккан эмес. Бирок Өкмөт Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу боюнча иштетилип жаткан программаларында жергиликтүү кеңештердин депутаттарын окутууга багытталган жоболорду караштыра алат, жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын адистигин жогорулатууга багытталган учурдагы мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсе болот.

Анткен менен учурдагы мыйзамдарга ылайык, жергиликтүү кеңештердин депутаттары жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен окууга (даярдык, кайра даярдык, квалификациясын өзгөртүү, адистигин жогорулатуу) бара албайт. Ошону менен катар жергиликтүү кеңештердин депутаттарына өз каражатынын эсебинен окууга (даярдык, кайра даярдык, квалификациясын өзгөртүү, адистигин жогорулатуу) барууга тыюу салынбайт.

Ошол эле маалда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин (айыл өкмөт башчысы, шаардын мэри) чечими менен административдик муниципалдык кызматка дайындалган муниципалдык кызматчы сынактык комиссия аны муниципалдык кызмат ордуна бекиткенге чейин аткара турган функционалдык милдеттерине тийиштүү болгон программа боюнча кайра даярдоо жана адистигин жогорулатуу боюнча кыска мөөнөттүү курстарда тийиштүү окуудан жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен өтөт.

**www.dpi.kg**

# Жаңжалды оптималдуу башкаруунун баскычтары жана ырааттуулугу

*Аягы. Башталышы 2013-жылдын март айындагы №3 (16) санында*



Сыйлоо (шыктандыруу) системасы. Сыйлоону дифункционалдык кесепеттерди болтурбоо үчүн адамдардын жүрүм-турумуна таасир көрсөтүү аркылуу жаңжалдуу кырдаалда башкаруу ыкмасы катары пайдаланса болот. Жалпы уюштуруучулук максаттарга жетүүгө өз салымын кошкон, уюмдун башка топторуна жардам берген жана маселени чечүүгө комплекстүү мамиле жасаганга аракет кылган адамдар ыраазылык билдирүү, сый акы берүү, мээнетин баалоо же кызматын жогорулатуу аркылуу сыйланыш керек. Дагы бир маанилү жагдай – бул система айрым адамдардын же топтордун конструктивдүү эмес жүрүм-турумун шыктандырбашы керек. Жалпы уюштуруучулук максаттарды жүзөгө ашырууга көмөктөшкөндөрдү шыктандыруу үчүн сыйлоо системасын туруктуу түрдө координацияланып пайдалануу адамдарга жаңжалдуу кырдаалда эмне кылышы керектигин түшүнүүгө жардам берет.

Чыныгы жаңжалдар менен иш алып баруу албетте жогорудагы ыкмалар менен гана чектелип калбайт. Кырдаалга жараша жаңжалды башкаруунун башка дагы натыйжалуу уюштуруучулук ыкмаларын тапса болот.

Буга чейин белгиленгендей, жаңжалдарды башкарууга жаңжалдуу кырдаалды личносттор аралык чечүү усулу да кирет.

Жаңжалдуу кырдаалдын катышуучулары түзүлгөн жагдайда өз аракеттеринин үч принципиалдуу мүмкүнчүлүктөрүнүн бирин тандоо зарылчылыгына кабылат:

- болгон каражаттар менен каалаганына жетүүгө багытталган “кармаш” жолу;
- жаңжалдан оолак болуу;
- пайда болгон көйгөйдү чечүүдө алгылыктуу чечим кабыл алуу максатында сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү.

Ушул мүмкүнчүлүктөрдүн ар бири жаңжалдын катышуучуларынын жүрүм-турумунун тиешелүү стратегиясын (стилин) божомолдойт.

Жаңжалдуу кырдаалда жүрүм-турумдун негизги беш стили бар. Аларды квалификациялоонун өзөгүндө 1972-жылы У.Томас жана Р.Х.Килменн тарабынан иштелип чыккан система жатат. Бул система адам жаңжалдуу кырдаалга туш болгондо багыт көрсөтөт жана жаңжалдын жалпы булагы менен байланышта – эки же андан ашуун тараптардын кызыкчылыктарынын дал келишпестиги.

Ар бир адамдын жанжал учурундагы жүрүм-турумунун стили төмөнкүлөр менен аныкталат: өз кызыкчылыктарын канааттандыруу чарасы менен; аракеттердин активдүүлүгү же пассивдүүлүгү менен; башка тараптардын кызыкчылыктарын канааттандыруу чарасы менен; жекече же биргелешкен аракеттер менен.

Жаңжалдуу кырдаалды башкаруунун личносттор аралык усулдары үч компонентти эсепке алуу менен жүрүм-турумдун белгилүү бир стилин тандоого негизделет: өз стили, жаңжалга тартылган адамдардын стили, жаңжалдын өзүнүн табияты.

Сунушталган моделден улам жанжалды жөнгө салуунун беш стилин бөлүп карашат. Алардын айрымдары аталышы боюнча жанжалдарды жөнгө салуунун усулдарын кайталаганы менен, бул жерде талданган усулдардын функциялары бир аз башкачараак.

***Атаандаштык (мелдеш)*** — активдүү жана жекече аракеттердин эсебинен башка тараптардын кызыкчылыктарына доо кетирүү менен өз кызыкчылыктарын канааттандырууга жетүү аракети. Бул стилди аргасыз кылуу (тырышчаактык) стили деп да аташат. Мында кандай болсо да өз көз карашын кабыл алууга мажбурлоо аракети үстөмдүк кылат. Мындай стилди пайдаланган адам адатта өзүн агрессивдүү алып жүрөт жана башкаларга таасир этүү үчүн бийликти колдонот. Бул стилдин кемчилиги бир гана көз караш каралып жаткандыктан бардык эле маанилүү факторлор эсепке алынбай калат деген чоң ыктымалдуулукту түзүүдө камтылган. Бул стилди уюмдун андан ары иштеп кетүүсүнө коркунуч жараткан же максаттарга жетүүдө тоскоол болгон кырдаалдарда колдонсо, ошондо натыйжалуу болушу ыктымал. Өз уюмунун кызыкчылыктарын коргогон жетекчи кээде көшөргөн да болууга милдеттүү. Бул стратегиянын терс кесепеттерине кол алдындагылардын демилгесин басып турууну жана өз ара мамилелердин начарлоосунан улам жаңжалдын кайрадан тутануу ыктымалдыгын киргизсе болот.

***Ылайыкталуу (же жумшартуу, тил алуу),*** атаандашуунун карама-каршысы, башка биреөнүн кызыкчылыгы үчүн өз кызыкчылыгыңды курмандыкка чалуу дегенди түшүндүрөт. Бул стиль ачуулануунун кажети жок деген ишенимге негизделген жүрүм-турум менен айырмаланат. "Жумшартуучу" жаңжалдын белгилерин жана каарданууну сыртка чыгарбоого аракет кылат, муну тилектештик керектиги менен түшүндүрөт. Тилекке каршы ошол заматта жаңжалдын өзөгүндө жаткан көйгөй унутулуп калат. Натыйжада тынчтык орнойт, бирок көйгөй кала берет. Эмоцияларды билдирүү үчүн мүмкүнчүлүктөр болбой калат, бирок алар адамдын ичинде жашап, топтоло берет. Жалпы тынчсыздануунун белгилери байкала баштайт, соңунда жаңжалдан качып кетүү мүмкүн эмес деген ыктымалдуулук өсө берет. Бул стратегия эгерде пикир келишпестиктин предмети адам үчүн каршы тараптагы адам менен өз ара мамилелерге караганда азыраак мааниге ээ болсо рационалдуу деп таанылышы мүмкүн. Мындай учурда "тактикалык жеңилүүдө" "стратегиялык жеңишке" кепилдик берилбейт. Эгерде жетекчи бул стратегияны көп пайдаланып калса, анда кол алдында иштегендерди натыйжалуу башкаруу оор болот.

***Мунаса өз ара тил алышуунун усулу катары.*** Бул стиль башка тараптын көз карашын белгилүү бир даражада гана кабыл алуу менен мүнөздөлөт. Мунасага жөндөмдүүлүк түрдүү кырдаалдарда өтө жогору бааланат. Анткени карасантайлыкты азайтып, жаңжалды эки тарапты тең таарынтпай тургандай ыкчам чечүү мүмкүнчүлүгүн берет. Анткен менен маанилүү маселеге байланыштуу пайда болгон жаңжалдын эрте баскычында мунасаны пайдалануу көйгөйгө так аныктоого тоскоол болуп, альтернативалык жолду издөө мөөнөтүн азайтат. Мындай стратегия пайдаланылган учурда жаңжал ыкчам жөнгө салынганы менен канча бир убакыт өткөндөн кийин мунасанын негизинде кабыл алынган чечимдин дисфункционалдык кесепеттери пайда болушу ыктымал. Мисалы, "жарым-жартылай чечимге" канааттанбоо. Мындан тышкары жаңжал бир аз өзгөртүлгөн формада кайра пайда болушу ыктымал, анткени пайда болгон көйгөй аягына чейин чечилген эмес.

***Четтөө (качуу, кетүү)*** бул үчүн кооперацияга умтулуунун да, өз максаттарына жетүү тенденциясынын да жоктугу мүнөздүү. Бул стилге ылайык, адам жаңжалдан кетип калууга аракет кылат. Мындай жүрүм-турум эгерде пикир келишпестиктин предмети адам үчүн чоң баалуулукка ээ болбогон, кырдаал өзүнөн өзү жайгарылса, жаңжалды натыйжалуу чечүү үчүн азырынча шарт түзүлө элек болсо орундуу эле болмок. Бирок канча бир убакыт өткөндөн кийин ал кайра пайда болот.

***Кызматташтык (же көйгөйдү чечүү) –*** мында эки тараптын тең кызыкчылыктарын толугу менен канааттандырган чечим кабыл алынат. Бул стилге ылайык, адам пикирлер түрдүү болорун тааныйт, жаңжалдын себептерин түшүнүү жана бардык тараптар үчүн алгылыктуу боло турган мындан аркы аракеттердин багытын тандап алуу үчүн башка көз караштагы адамды угууга даяр болот. Мындай стратегияда катышуучулар башка адамдын да өз пикирге ээ болуу укугу бар экенин түшүнүп, аны кабыл алууга даяр турушат. Бул болсо пикир келишпестиктин себептерин талдап чыгууга жана бардыгы үчүн ыңгайлуу жолду табууга мүмкүнчүлүк берет.

Ошентип мамилелердин көп түрдүүлүгү жана так маалымат акыл-эстүү чечим кабыл алуу үчүн олуттуу болгон оор кырдаалдарда жаңжалдашкандардын пикирлери айтылыш керек, буга дем берип, маселени жөнгөрүүнүн тиги же бул стилин колдонуу менен кырдаалды башкара билүү зарыл. Башка стилдер да жаңжалдуу кырдаалдарды ийгиликтүү чектеп же болтурбай коё алат. Бирок эгерде бардык көз караштар бирдей даражада дыкат иликтенбесе, анда алар маселенин оптималдуу чечилишине алып келбейт.

Эмесе, жаңжалдан четтеп кеткенде эки тарап тең жеңилет. Атаандаштык жана ылайыкталуу стилдерин тандаган учурда катышуучулардын бири утат, ал эми экинчиси утулат. Мунаса стилин тандаганда жаңжалды өзгөчө анын эрте баскычтарында чечүү үчүн бардык ыктымал жолдорун эсепке албай калуу коркунучу жаралат.

Эки тарап тең кызматташкан учурда утат, бул жерде бири-биринин кызыкчылыктары канааттандырылып жатат. Анткен менен бул стиль эң оор. Анткени биргелешип чечим кабыл алуу үчүн кандайдыр бир деңгээлде аракет жана убакыт талап кылынат. Ошондой эле эң негизгиси – өз ара жанжалды жөнгө салуу каалоосу болуш керек. Кызматташтык стилин ишке ашыруу төмөнкү алгоритм боюнча жүрүшү мүмкүн:

- көйгөйдү чечимдердин эмес, максаттардын жыйындысы катары аныктап алуу;
- эки тарап үчүн тең алгылыктуу чечимди сунуштоо;
- көңүлдү каршы жактын жеке сапаттарына эмес, көйгөйгө буруу;
- өз ара кызматташтыкты жана маалымат алмашууну арттырып, ишеним атмосферасын түзүү;
- экинчи жакка жакшы мамилени жана ниетти билдирип, баарлашуу үчүн жагымдуу маанайды жаратуу, карасантайлык жана коркуулоорсыз оппоненттин пикирин угуу.

Кызматташтык стилинин жардамы менен жаңжалды башкаруу маселени оптималдуу түрдө чечүүгө алып келет.

Жетекчи, каалаган адам өзү көздөгөн максаттарга ылайык жаңжалга аралашып жатып, жүрүм-турумдун стилдеринин ар бирин натыйжалуу жана ыгы менен пайдалана алышы мүмкүн жана анык жагдайды эсепке алуу менен тиги же бул тандоону жасай алат. Эң жакшы жол анык кырдаалга, ошондой эле адамдын мүнөзүнө жараша табылат.

Кырдаалды жана катышуучулардын жекече-психологиялык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен менеджер жаңжалды жөнгө салуунун түрдүү личносттор аралык усулдарын колдонууга милдеттүү. Анткен менен кызматташтык стратегиясы негизги

болушу керек. Себеби дал ушул стратегия көп учурда жаңжалды функционалдуу кыла алат.

Жогоруда айтылгандардан улам жанжалды башкаруу социалдык практиканын тең салмактуу суроо-талабы болгонун түшүнө алабыз. Башкаруучулук тапшырмаларды ырааты менен чечүү жаңжалдын легитимизациясын, негизги этаптардын – алдын алуу, каршы туруу жана чечүү – жүрүшүндө анын чечилишинин институционалдашуусун камсыздайт. Жаңжалды натыйжалуу башкаруу башкаруучулук аппараттын жана аракеттеринин белгилүү бир ырааттуулугун жана башкаруунун структуралык, личносттор аралык усулдарын комплекстүү пайдаланууну караштырат.

# Тест. Эмгек жамаатында жаңжалдарды алдын алуу жана конструктивдүү түрдө жөнгө салуу боюнча жетекчинин ишке жакындыгын баалоо

Суроону окуп чыккандан кийин кагазга номурун жана жанына сиздин адатыңызга жана мүнөзүңүзгө шайкеш келген жооптун вариантын жазып коюңуз. Андан кийин ачкыч-таблицаны колдонуу менен өзүңүзгө баа берүүнүн натыйжасында чогулткан баллдардын суммасын эсептеп чыгыңыз.

Натыйжага жараша сиз төмөнкү суроого жооп бере аласыз: “Сиз натыйжалуу жетекчи болууга, жамаатта дени сак моралдык-психологиялык маанайды пайда кылуу үчүн шарттарды камсыздоого, пайда болгон карама-каршылыктарды алдын алууга жана чечүүгө жөндөмдүүсүзбү?”.

***1. Элестетип көрүңүз, эртеңки күндөн тарта сиз кызматкерлердин чоң тобун жетектей баштайсыз. Алар сизден улуу. Мындай учурда сиз эмнеден кооптонор элеңиз?***

А. Аларга караганда иштин чоо-жайынан азыраак кабарым болуп калышы мүмкүн.

Б. Мени этибарга албастан, кабыл алган чечимдерди четке кагып коюшат.

В. Ишимди өзүм каалаган деңгээлде аткара албай калышым мүмкүн.

***2. Эгерде кайсы бир иште жолуңуз болбой калса, эмне кыласыз?***

А. Өзүңүздү сооротконго аракет кылып, болгон окуяны олуттуу деле эмес деп четке кагып, мисалы, концертке кетип каласыз.

Б. Ыкчам ойлоно баштайсыз: күнөөнү кимдир бирөөгө жүктөп койсо болобу, жок дегенде объективдүү жагдайларга шылтап коюш керек.

В. Жолуңуз болбой калуунун себептерине сереп салып, кайсы жерден ката кетиргениңизди жана ишти кантип оңдосо болорун ойлонуштура баштайсыз.

Г. Бул окуядан кийин өзүңүздү жемелеп, абдан капаланып, маанайыңыз чөгөт.

***3. Төмөндөгү сапаттардын жана мүнөздөрдүн кайсынысы сизге көбүрөөк туура келчүдөй?***

А. Токтоо, мамилечил, адамдын көңүлүн караган, тез таасирленген, ак көңүл, жай кыймылдаган, тил алчаак.

Б. Жүзү жарык, тырышчаак, энергиялуу, байкагыч, талабы күчтүү, чечкиндүү.

В. Эмгекчил, өзүнө ишенген, токтоо, аракетчил, элпек, логикалык ой жүгүртүү.

***4. Кайсы ырастоого макулсуз?***

А. Көпчүлүк адамдар жакшы жана аракеттенип иштегенди жактырат.

Б. Көпчүлүк адамдар алардын эмгеги тиешелүү даражада төлөнгөндө гана ишине ак ниет мамиле жасай баштайт.

В. Көпчүлүк адамдар жумушту зарылчылык деп гана билет.

***5. Жетекчи кайсы нерсе үчүн жооптуу болуш керек?***

А. Жамаатта жакшы маанайды кармоо үчүн (ошондо ишинде да кыйналбайт).

Б. Тапшырмалардын мыкты жана өз убагында аткарылышы үчүн (жетекчилер да, кызматкерлер да ыраазы болот).

***6. Элестетип көрүңүз, сиз кайсы бир жамааттын жетекчиси болосуз дейли жана аптанын ичинде жогору турган жетекчиликке кайсы бир иштердин планын беришиңиз керек. Эмне кыласыз?***

А. Пландын долбоорун түзүп чыгып, жетекчиге бул тууралуу кабар берип, эгерде бир нерсе болсо, түзөтүп коюшун өтүнөсүз.

Б. Кол алдыңызда иштеген адистердин пикирин угуп чыгасыз, андан соң айтылган сунуштардын ичинен сиздин көз карашыңызга гана туура келгендерди тандап алып, план түзөсүз.

В. Пландын долбоорун түзүүнү кол алдыңызда иштегендерге тапшырасыз жана эч кандай олуттуу түзөтүүлөрдү киргизбестен, сүйлөшүү үчүн жогору жактагы жетекчиликке өз орун басарыңызды же башка компетенттүү кызматкерди жибересиз.

Г. Адистер менен биргелешип пландын долбоорун иштеп чыгасыз, андан соң план тууралуу жетекчиликке кабар берип, аны негиздеп бересиз.

***7. Сиздин баамыңызда, кайсы жетекчи эң мыкты натыйжага жете алат?***

А. Кол алдындагылардын баары өз функцияларын жана милдеттерин так аткарып жатканына кылдат көз салган.

Б. “Ишенгин, бирок текшергенди унутпа” принциби менен жалпы тапшырманы аткарууга кол алдындагыларды тарткан.

В. Иштин камын көрүп, бирок канчалык жумуш көп болбосун, аны аткарып жаткандарды да унутпаган.

***8. Кайсы бир жамаатта иштеп жатып, өз ишиңиз үчүн жоопкерчиликти бардык жамааттын ишинин натыйжасы үчүн жоопкерчиликке барабар деп эсептейсизби?***

А. Ооба.
Б. Жок.

***9. Сиздин пикириңизге же жасаган ишиңизге башкалар сын айтышты. Сиздин кийинки кадамдарыңыз кандай болот??***

А. Ошол замат коргонууга өтпөйсүз, мунун ордуна бардыгын таразага салып көрөсүз.
Б. Чегинбестен, ошол заматта өз пикириңиздин тууралыгын далилдөөгө аракет жасайсыз.
В. Кызуу кандуулугуңуздун айынан ызаңызды жашыра албайсыз жана балким таарынып, ачууланасыз.

***10. Сиздин баамыңызда, башкаруучулук ишмердикте кайсынысы тарбиялык тапшырмаларды жакшыраак аткарат жана көбүрөөк ийгиликке алып келет?***

А. Шыктандыруу.
Б. Жазалоо.

***11. Сиз баарынан да эмнени көбүрөөк каалайт элеңиз?***

А. Башкалар сизди жакшы дос катары көрүүсүн.
Б. Эч ким сиздин чынчылдыгыңыздан, зарыл учурда жардам көрсөтүүгө даяр болгонуңуздан күмөн санабоосун.
В. Айланадагылардын сиздин сапаттарыңызга жана жетишкендиктериңизге суктануусун.

***12. Өз алдынча чечим кабыл алуу жагабы?***

А. Ооба.
Б. Жок.

***13. Эгерде сиз маанилүү чечим кабыл алышыңыз керек болсо, же кайсы бир жооптуу маселе боюнча бүтүм чыгарышыңыз зарыл болсо, эмне кылар элеңиз?***

А. Муну кийинкиге калтырбастан жасаганга аракет кыласыз жана андан соң бул ишке кайтпайсыз.
Б. Муну өтө тез бүтүрөсүз, бирок андан кийин көпкө чейин "Башкача кылсам болмок беле?" деп күмөн санай бересиз.
В. Мүмкүн болсо көбүрөөк убакыт бою эч кандай кадам жасабай турганга аракет кыласыз.

Эми болсо таблица боюнча чогулган баллдарды эсептеп чыгыңыз. Эгерде берилген суроолорго мүмкүн болушунча ачык жооп берсеңиз, натыйжасы да ошончолук так болот.

## Натыйжаларга түшүндүрмө

**40тан ашык —**

сизде жүрүм-туруму заманбап стилдеги жакшы жетекчинин сапаттары көп экен. Сиз адамдарга, алардын билимине жана жакшы сапаттарына ишенесиз, өзүңүздөн жана кесиптештериңизден талап кыла аласыз, жамаатта жалкоолорду кармабайсыз жана арзан аброй күткөнгө умтулбайсыз. Ак ниеттүү кызматкерлер үчүн жетекчи гана эмес, оор кырдаалда жардамга шашкан жана сөз менен да, иш менен да колдоо көрсөткөн жакшы жолдош болосуз. Жаңжалдуу кырдаалдарга карата сиздин мамилеңиз тең салмактуу жана рационалдуу болот. Талаштуу маселелерди, эрежеге ылайык, жамаатка, өз тажрыйбаңызга жана илимий сунуштамаларга таянып чечесиз.

**40тан 10го чейин —**

сиз кайсы бир объекттерди жана иштерди бир топ ийгиликтүү жетектей алмаксыз, бирок кыйынчылыктар көп эле болмок (канчалык көп болсо, ошончолук азыраак балл алмаксыз). Кызматкерлер үчүн камкорчу болууга аракет жасамаксыз, бирок кээде аларга начар маанайыңызды жана ачууңузду билдирип коймоксуз; жумуштан жардам бермексиз жана зарылчылык барбы-жокпу – буга карабастан ар кандай кеңештериңиз менен бөлүшүп турмаксыз. Бул өңдүү жетектөө стилинин айынан оор жамаатта жаңжалдуу кырдаалдар пайда болуп, өнүгө бериши ыктымал, ал жакшы моралдык-психологиялык маанайдын калыптануусуна көмөктөшпөйт. Бирок сизде өзүңүзгө сынчыл баа бергенден кийин өз ишиңизге тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизип, кесипкөй жактан өсүп-өнүгүү боюнча ишти активдештирүүгө бардык мүмкүнчүлүктөр бар.

**10дон аз —**

ачык айталы, азыркы баскычта сизде жетекчи катары ийгиликке жетүү үчүн мүмкүнчүлүктөрүңүз аз. Өзүңүздүн жөндөмсүз, кээде жаңжалдуу аракеттериңиз менен, өзүңүз үчүн артыкчылыктуу болгон иш усулдары менен сиз жамааттын ишмердигине тоскоол болосуз, жаңжалдуу кырдаалдын пайда болуусуна жана өнүгүүсүнө шарт түзөсүз. Бирок, эгерде калыптанып калган көптөгөн көз караштардан баш тартууга эркиңиз жетсе, көнүп калган адаттардан баш тарта алсаңыз, адамдарга жана өзүңүзгө ишенгенди үйрөнсөңүз, анда ишиңиз жылат жана келечекте жакшы сапаттарыңызды көбөйтүүнүн үстүнөн тынымсыз иш алып баруу менен жакшы жетекчи боло аласыз.

**Натыйжаларды саноо**

| Суроонун № | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| А | 0 | 2 | 0 | 6 | 3 | 3 | 2 | 6 | 2 | 3 | 3 | 3 | 6 |
| Б | 2 | 0 | 3 | 2 | 5 | 0 | 6 | 0 | 6 | 0 | 5 | 0 | 3 |
| В | 4 | 6 | 2 | 0 | - | 1 | 4 | - | 4 | - | 0 | - | 0 |
| Г | - | 0 | - | - | - | 6 | - | - | - | - | - | - | - |

**Булак:**
Лазукин А. Д.
Конфликтология.
Окуу куралы.
М., 2011.